ЭКОНОМИКА жана ПРОГРЕСС

# АГРАРДЫК ӨНӨР ЖАЙЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ КАНДАЙЧА ПАЙДА БОЛОТ

ФРУНЗЕ 1979

А. Орузбаев

# АГРАРДЫК ӨНӨР ЖАЙЛЫК ИНТЕГРАЦИЯ КАНДАЙЧА ПАЙДА БОЛОТ

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ — 1979 ж.

33С5(С54).04 Индекс ББК 65.9(2)—4
О-70

Орузбаев А.
О-70 Агрардык-өнөр жайлык интеграция кандайча пайда болот.—Ф.: Кыргызстан, 1979.— 56 бет.

Бул китепчеде агрардык-өнөр жайлык интеграциянын пайда болуу, өнүгүү жолдору жана анын негизинде өндүрүштүк мамилелерди өркүндөтүү маселелери баяндалат.

33С5(С54).04
ББК 65.9(2)—4

О $\frac{40104-125}{М 451(17)-79}$ 104.79.3801010000.

© «Кыргызстан» басмасы, 1979.

## КИРИШ СӨЗ

КПССтин азыркы кездеги агрардык саясаты В. И. Лениндин агрардык маселе жөнүндөгү окуусун жаңы тарыхый шарттарда, өнүккөн социализмдин шарттарында андан ары карай улантуу жана чыгармачылык менен өнүктүрүү болуп саналат. Бул саясаттын мазмуну, анын негизги багыты жана максаты КПСС БКнын март (1965) Пленумунда илимий жактан негизделген жана ал Пленум социалисттик айыл чарбанын өнүгүшүндө жаңы этапты ачып, зарыл проблемаларды, кеңири социалдык кайра түзүүлөрдү чечүү боюнча тийиштүү чараларды жүргүзүүнү алдыга койду. Партия тарабынан белгиленген милдеттер партиянын кийинки съезддери жана Пленумдары тарабынан өнүктүрүлүп жана өркүндөтүлүп жатат. Коммунисттик партия экономикалык, материалдык-техникалык жана уюмдаштыруучу-саясий чаралардын ырааттуу системасын иштеп чыкты, буларды биз айыл чарбаны интенсивдештирүүдөн, аны жогору көтөрүүнүн комплекстүү программасынан көрүп олтурабыз, бул программа, албетте, узакка созулуучу программадан болуп саналат.

Айыл чарба өндүрүшүнүн азыркы этаптагы өнүгүшүнүн маанилүү өзгөчөлүгү, аны индустриялаштыруу жана илимий - техникалык прогресс менен тыкыс байланыштыруу болуп саналат. Партия илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин чарбанын социалисттик системасынын артыкчылыгы менен ажырагыс кылып бириктирүү милдетин алдыга коюп жана аны ийгиликтүү иш жүзүнө ашырып жатат, бул болсо советтик элдин турмуш-тиричилигин жогорку деңгээлге көтөрүп, адамдардын ар тараптан өнүгүшүнө жана коомду коммунисттик башталышта кайра түзүүгө өбөлгөлөрдү түзмөк.

Колхоздук-совхоздук өндүрүштүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, илимий-техникалык жетишкендиктерди кеңири колдонуу айыл чарба өндүрүшүн индустриялаштырууга алып барат, бул машиналаштырылган ири өндүрүшкө таандык болгон татаал жана көп кырдуу процесстердин методдорун ишке киргизүүнү, айыл чарбанын бардык тармактарын эл чарба тармактарынын бүткүл комплексинин звеносуна — агрардык-өнөр жайлык комплекске кошууну билдирет.

Айыл чарба өндүрүшүндө индустриялаштыруу процесси ар түрдүү формаларда ишке ашырылат. Бул формалардын маанилүүлөрүнүн бири — айыл чарба өндүрүшүнүн технологиялык жактан обочолонгондугунун б. а. эл чарбанын башка тармактары менен тыгыз байланышпагандыгынын жоюлуп бара жаткандыгы болуп саналат. Айыл чарба өндүрүшүнө жыл сайын ар түрдүү машиналардын, механизмдердин берилиши буга себеп болууда.

Алсак, айыл чарба өндүрүшүнүн айрым тармактары нак өнөр жайлык мүнөзгө ээ болуп бара жатат. Буга мисал катары өнөр жайлык негизде эт алууну, өзгөчө куш эти менен чочко этин алууну, жылуулук комбинаттарында жашылчаларды өстүрүп чыгарууну көрсөтүүгө болот.

Айыл чарба өндүрүшүнүн индустриялаштырылышынын процесси агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруудан ачык көрүнүп олтурат, маселен, бир эле ишканада айыл чарба продукцияларын иштеп чыгаруу өнөр жайлык өндүрүштүн ар кандай түрлөрү менен байланыштырылат. Айыл чарба өндүрүшүнүн индустриялаштырылган негизге өтүү учурунда тармактык адистештирүүгө өтүү жана айыл чарба өндүрүшүн топтоштуруу (ирилештирүү) өтө зор роль ойнойт.

Тармактык адистештирүү өндүрүштү оптималдуу ирилештирүүнү талап кылат. Чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун негизинде адистештирүүнү жана ирилештирүүнү иш жүзүнө ашыруу — айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча КПССтин комплекстүү программасынын маанилүү составдык бөлүгүнүн бири болуп эсептелет да, партиянын азыркы этаптагы агрардык саясатынын маанилүү багытынын бирин иш жүзүнө ашыруу дегендикти билдирет, анткени чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграция-

лаштыруу экономикалык проблемаларды, индустриялаштыруунун негизинде айыл чарба продуктыларын иштеп чыгарууну кескин көбөйтүү проблемаларын, продуктылардын өздүк наркын төмөндөтүү, өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн жана эффективдүүлүгүн жогорулатуу проблемаларын гана чечпестен, ошондой эле коомдук проблемаларды, социалисттик мамилелердин коммунисттик мамилелерге өсүп жетүү проблемаларын, шаар менен айыл-кыштактын ортосундагы, адамдардын акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы маанилүү айырмачылыктарды жоюу проблемаларын да чечет.

Мына ошондуктан өнүккөн социализмдин азыркы этабында, айыл чарба өндүрүшүн тармактык адистештирүүгө өткөрүү жана оптималдуу ирилештирүү, чарба аралык кооперативдештирүүнү өнүктүрүү, агрардык-өнөр жайлык комплекстерди түзүү жана өндүрүштүк мамилелерди өркүндөтүү теориялык мааниге гана ээ болбостон, коммунисттик курулушта практикалык зор мааниге да ээ болуп отурат.

Чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык комплекстерди түзүү зарылдыгы жана аны өнүктүрүү маселелери партиянын XXV съездинин, КПСС БКнын июль (1978) Пленумунун чечимдеринде жана КПСС БКнын июнь (1976) Пленумунун «Айыл чарба өндүрүшүн чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун негизинде адистештирүүнү жана ирилештирүүнү мындан ары карай өнүктүрүү жөнүндөгү» токтомунда баса көрсөтүлгөн.

Айыл чарба өндүрүшүн тармактык адистештирүүгө өткөрүү жана оптималдуу ирилештирүү, чарба аралык өндүрүштүк кооперативдештирүүнү жана агрардык өнөр жайлык интеграциялаштырууну түзүү жана өнүктүрүү, ушул негизде өндүрүштүк мамилелерди өнүктүрүү маселелери биздин республикада жетишээрлик эмес деңгээлде изилденген, республикадагы чарба аралык ишканалардын жана бирикмелердин иш практикалары да толук изилденип үйрөнүлбөй жатат, мына ошондуктан алардын келечектеги өнүгүшү боюнча илимий жактан негизделген сунуштар да жокко эсе. Ушул себептердин натыйжасында региондогу агрардык-өнөр жайлык комплекстердин пайда болушу жана өнүгүшү жөнүндөгү закон ченемдүүлүк боюнча теориялык жана

практикалык сунуштардын дээрлик жоктугу өкүнүчтүү фактылардан болуп саналат.

Демек, Кыргызстанда чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун түзүлүшү жана өнүгүшү жөнүндөгү закон ченемдүүлүктү үйрөнүп билүү, алардын эффективдүүлүгүн жогору көтөрүү теориялык орчундуу проблема болуп гана саналбастан, коммунисттик курулушта зор практикалык мааниге ээ боло турган проблемадан да болуп саналат.

Китепчени жазууга А. У. Орузбаевден тышкары, Б. С. Жаманкулов жана Ж. А. Ибраимова катышты.

# ЧАРБА АРАЛЫК КООПЕРАТИВДЕШТИРҮҮНҮН ЖАНА АГРАРДЫК-ӨНӨР ЖАЙЛЫК ИНТЕГРАЦИЯЛАШТЫРУУНУН ПАЙДА БОЛУШУНУН ЖАНА ӨНҮГҮШҮНҮН ЗАКОН ЧЕНЕМДҮҮЛҮГҮ

## Тармактык адистештирүү жана максатка ылайык ирилештирүү — айыл чарба өндүрүшүн индустриялаштыруунун негизи

Интенсивдештирүү айыл чарбачылыгындагы өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн негизги жолу болуу менен экономиканын бул тармактарындагы өндүрүштүк мамилелердин бардык системасын өркүндөтүүгө маанилүү таасир көрсөтөт. Айыл чарбачылыгында өндүрүштүк мамилелерди өркүндөтүү дегенибиз, эң алды менен коомдоштуруунун деңгээлин көтөрүүнүн натыйжасында менчикти өркүндөтүү, колхоздук-кооперативдик менчикти мамлекеттик менчикке жакындатуу жана бириктирүү болуп саналат. Өндүрүштү коомдоштуруу бир канча негизги багыттар аркылуу: адистештирүү, ирилештирүү, кооперативдештирүү боюнча иш жүзүнө ашырылат.

Айыл чарбасын интенсификациялоодо жана анын экономикалык пайда беришин жогорулатууда өндүрүштү адистештирүү жана ирилештирүү чоң ролду ойнойт. Чарбанын адистештирилишин туура аныктоо өндүрүштү интенсификациялоо боюнча чараларды өтө таасирдүү жүргүзүүгө жардам берет. КПССтин программасында «мындан ары карай... табигый-экономикалык зоналар жана райондор боюнча айыл чарбаны илимий негизде жайгаштыруу, аны тармактар боюнча адистештирүү, адистештиргенде да айыл чарба продуктыларынын тигил же бул түрүн көп өндүрүп чыгарууга мүмкүндүк берүүчү, ал үчүн эң жакшынакай шарттары болгон жана зор үнөмдөөнү бере турган адистештирүү иш жүзүнө ашырылсын»[1] деп белгиленген.

Айыл чарбасын адистештирүү — бул илимдин, техниканын жана алдыңкы тажрыйбанын жаңы жетишкендиктерине негизделген ири тармактарды түзүү баш-

---

[1] КПССтин XXII съездинин материалдары. М., 1961-ж., 319-бет.

кача айтканда, айыл чарбасын ирилештирүүнүн жана интенсификациялоонун жолу, продукцияларды өнөр жайлык негизде чыгаруунун жолу. Адистештирүүнүн өзүнүн өзгөчөлүгү бар, ал өзгөчөлүк айыл чарбасынын өзгөчөлүгү менен шартталат, анткени бул жерде экономикалык факторлор менен катар табигый факторлор да зор ролду ойнойт.

Тармактык адистештирүү максатка ылайык ирилештирүүнү талап кылат. Ирилештирүү чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агро-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун натыйжасында иш жүзүнө ашырылат. Айыл чарбасын адистештирүүнүн зарылдыгы жана чарба аралык кооперативдештирүүнү түзүү айыл чарба өндүрүшүнүн өзүнүн табигатынан келип чыгып олтурат.

Айыл чарба өндүрүшүнүн өзгөчөлүгүнүн натыйжасында жыл ичинде эмгекти (жумуш убактыны) сарп кылуу бир калыпта бөлүштүрүлбөйт жана пайдаланылбайт, анткени айрым өсүмдүктөр жана малдын түрлөрү механизациялаштыруунун азыркы деңгээлинде жумушчу күчтөрдү ар кандай мезгилдерде талап кылат. Бул өсүмдүк менен малдын биологиялык өзгөчөлүктөрүнө, айрым тармактардын технологиясынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу.

Өндүрүш убактысы менен жумуш убактысынын ортосундагы мезгил туруктуу жана өзгөрүлбөй турган мезгилден деп айтууга болбойт. Көп учурларда ал мезгил өндүрүштүн ыгына, өндүргүч күчтөрдүн, илим менен техниканын өнүгүү деңгээлине жараша болот. Илимий-техникалык прогресс өндүрүш убактысы менен жумуш убактысынын ортосундагы мезгилди бир канча кыскартат да, эмгекти жакшы пайдаланууга зарыл шарттарды түзөт. Бирок илимий-техникалык прогресс дыйканчылык өндүрүшүнүн мезгилдүүлүгүн биротоло жоё албайт жана жыл бою жумуш убактысын толук пайдалануу проблемаларын да толук чече албайт.

Айыл чарба өндүрүшүнүн мезгилдүүлүгүн жоюунун өтө рационалдуу жолдорунун бири жана жыл бою эмгекти мүмкүн болушунча бир калыпта пайдалануу үчүн зарыл шарттарды түзө турган факторлор чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялоонун негизинде тармактык адистештирүүнү жана айыл чарба өндүрүшүн ирилештирүүнү жүргүзүү болуп саналат. «...Өндүрүш мезгил менен жу-

муш мезгилинин кайчы келиши,—деп жазат К. Маркс, — башкача айтканда жумуш мезгили өндүрүш мезгилинин бир гана бөлүгүн түзөт, дыйканчылыкты көмөкчү айыл чарбалык промыслолор менен бириктирүү үчүн табигый негизден болуп саналат».[1]

Жумушчу күчтөрдү жана өндүрүш курал-жабдыктарды бир калыпта пайдалануу көз карашы жагынан алып караганда, колхоздор менен совхоздор экономикалык жактан толук негизделген адистештирүүнү жана өндүрүштү ирилештирүүнү, чарба аралык кооперативдештирүүнү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштырууну өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар. Чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруу — жылдын өтө жооптуу мезгилдеринде эмгекти бир калыпта жана толук пайдалануунун чечүүчү шарттарынан болуп саналат. Айыл чарбасында жыл бою эмгекти рационалдуу пайдаланууну иш жүзүнө ашыруучу фактор—туура адистештирүү жана айыл чарбаны өнөр жай менен интеграциялаштыруу болуп саналат.

Агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруу айыл чарба эмгегинин мезгилдүүлүгүн жоюуга, кошумча продуктыларды көп чыгарууга жана кирешелердин көбөйүшүнө жардам берет. Экинчи жагынан айыл чарба өндүрүшүнүн өзүндө тармактарды туура айкалыштырууну иш жүзүнө ашырууга мүмкүндүк түзөт. Мунун зарылдыгы айыл чарбасынын тармактарынын ортосундагы, өзгөчө дыйканчылык менен мал чарбачылыктын ортосундагы тыгыз байланыштын болгондугунан келип чыгып олтурат. Мал чарбачылыктын кызыкчылыгын эске албай туруп, техникалык, экономикалык жана пландык жактан дыйканчылыкты рационалдуу уюштуруу мүмкүн эмес.

Талаачылыктын мал чарбачылык менен тыгыз байланышы жана айыл чарба өндүрүшүнүн бул эки негизги тармактарынын туура айкалыштырылышынын зарылдыгы мына ушулар менен аныкталат. Мына ушундай өз ара байланыштар дыйканчылык менен мал чарбачылыктын өз ичтеринде да бар. Кийинки убактарга чейин бул проблемалар айрым колхоздор жана совхоздор боюнча гана чечилип келген болучу. Ошондуктан партиялык документтерде, советтик жана чарбалык

[1] К. Маркс. Капитал. II т. М., 1949, 235-бет.

органдардын чечимдеринде колхоздор менен совхоздордун ар тараптан өнүгүшүнүн зарылдыгы жана алардын тармактарынын рационалдуу айкалыштырылышы баса көрсөтүлгөндүгү бекеринен эмес.

Өз убагында маселени мына ушундай коюу туура болгон, анткени ал кезде өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн деңгээли төмөн эле, ал эми айыл чарбанын айрым тармактарынын көлөмү ошол деңгээлге ылайык келген да, тармактарды айкалыштыруу негизинен бир гана чарбанын көлөмүндө ишке ашырылган болучу. Өндүргүч күчтөрдүн өсүшү жана колхоздук-совхоздук өндүрүшкө илимий-техникалык прогрессти кеңири киргизүү менен иштин абалы негизинен өзгөрдү. Өндүргүч күчтөрдүн азыркы кездеги өнүгүү деңгээлине айыл чарбанын көптөгөн тармактарынын көлөмү туура келбейт, башкача айтканда бир чарбанын көлөмүндө туура айкалыштыруу мүмкүн болбой калды. Азыркы шарттарда тармактардын максатка ылайыктуулугу чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялоонун негизинде эң сонун чечиле тургандыгы түшүнүктүү.

Ошондуктан бул проблема азыр жаңыча, өндүргүч күчтөрдүн өсүшүн жана өндүрүш мамилелердин өркүндөтүлүшүн эске алуунун натыйжасында чечилүүгө тийиш, муну партиянын XXV съездинин чечимдери талап кылып олтурат. Азыр айыл чарба өндүрүшүн адистештирүү жана ирилештирүү, аларда тармактарды туура айкалыштыруу райондун, областтын, ал турсун республиканын масштабында чечилиши керек. Демек, бул проблема ар бир чарбанын өз ичиндеги негизги тармактарды, ошондой эле райондун же областтын масштабында айрым тармактарды чарба аралык адистештирүүнүн негизинде чечилет.

Илимий-техникалык прогресстин кеңири өнүгүшүнө, айыл чарба өндүрүшүнүн тармактык адистештирүүгө өтүшүнө байланыштуу бул проблема чарба аралык, райондор аралык, областтар аралык масштабда чечилүүгө тийиш. Мына ошондуктан айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнүн жана топтоштуруунун эффективдүү жолу чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруу болууга тийиш. Мындан тышкары айыл чарба тармактарынын арасында гана тийиштүү байланыштар болбостон, андай байланыштар өнөр жайы менен да болот. Бул өз

ара байланыш тармактык адистештирүүнү жана масштабдуу ирилештирүүнү иш жүзүнө ашыруу жолу менен улам күчөй берет да, агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун өнүгүшүнө план ченемдүү алып келет.

Кыргызстандын айыл чарбасынын жайгаштырылышы жана адистештирилиши тарыхый, табигый-экономикалык шарттардын, өнөр жайдын жайгаштырылышынын, эмгек ресурстарынын жана башка факторлордун негизинде иш жүзүнө ашырылгандыгы түшүнүктүү. Эгерде революцияга чейин айыл чарбасын жайгаштыруу жана адистештирүү стихиялык экономикалык закондордун негизинде жүргүзүлгөн болсо, ал эми советтик бийликтин мезгилинде өзгөчө өндүрүштүн социалисттик ыкмасы жеңгенден кийин, ал негизги экономикалык закондун, эл чарбанын план ченемдүү, пропорциялуу закондорунун жана башка экономикалык закондордун негизинде иш жүзүнө ашырыла баштады.

Кыргыз ССРинде советтик бийликтин жылдарында айыл чарба өндүрүшүн жайгаштырууда зор өзгөрүүлөр болду. Колхоздор менен совхоздор ири социалисттик ишканалардан болуп калды. Орто эсеп менен ар бир чарбага азыр 27,0 миң гектар айыл чарба жери (анын ичинен 3,5 миң гектары айдоо жер), 24,7 миң баш кой· 1841 уй, 531 жылкы жана 490 чочко туура келет. Ар бир чарбада 30 трактор, 11 эгин оруучу комбайн, 44 жүк ташуучу комбайн жана 161 башка айыл чарба машиналар бар.

Айыл чарба продуктыларын мындан ары карай кескин көбөйтүү, калктын тамак-ашты талап кылууларын өтө толук канааттандыруу, ал эми кайра иштеп чыгаруучу өнөр жайды — сырьелор менен камсыз кылуу проблемалары азыр адистештирүү, ирилештирүү жана интенсификациялаштыруу менен тыгыз байланыштуу. Ал эми республикада бул жагында зор иштер жүргүзүлдү. Алсак, маанилүү айыл чарба продуктыларын иштеп чыгаруучу зоналар так аныкталды.

Бул жөнүндөгү материалдар Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана республиканын өкмөтүнүн тапшыруусу боюнча тийиштүү министерстволордун, ведомстволордун, райондордун, областтардын жана илим-изилдөө институттарынын жетекчилеринин катышуусу астында «Кыргызстандын айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнүн, ирилештирүүнүн

жана агро-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун схемасы» деген ат менен каралды жана ал схема Кыргызстан Компартиясынын БКнин бюросу тарабынан жактырылды.

Айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнүн жана ирилештирүүнүн планын чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агро-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун негизинде иш жүзүнө ашыруу коомдук секторлордо айыл чарба продуктыларынын айрым түрлөрү боюнча дүң продуктылардын көлөмүн көбөйтүүгө мүмкүнчүлүк бермекчи. 1975-жыл менен салыштырганда келечекте эгин өндүрүү — 1,8 эсеге, картошка — 1,6, жашылча — 2,9 жер-жемиш — 2,4 жүзүм — 2,7, эт жана сүт — 1,6, жумуртка—3,1 эсеге көбөйөт. Продуктыларды иштеп чыгарууну көбөйтүү негизинен айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмүн жана малдын кунардуулугун жогору көтөрүүнүн натыйжасында иш жүзүнө ашырылат. Мисалы, дан эгиндердин түшүмү ар гектардан 30 центнерди, ал эми сугат жерлерде 40 центнерди, кант кызылчасыныкы — 40,8, пахтаныкы — 30,6 центнерди, ар бир уйдан сүт саап алуу 2900 килограммды, ар койдон кыркылып алынуучу жүн — 3,7 килограммды түзөт.

Айыл чарба продуктыларын иштеп чыгаруунун белгиленген өсүш көлөмүн аткаруу ар бир айыл чарба тармагын ал үчүн эң жакшы шарттары бар жерлерге жайгаштыруунун, өндүрүштү адистештирүүнүн жана чарба аралык ишканаларга ирилештирүүнүн, өндүрүштүн өнөр жайлык методдорун, илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин колдонуунун негизинде иш жүзүнө ашырылат. Республиканын негизги зоналарында өндүрүштүк адистештирүү маселеси, алардын табигыйклиматтык шарттарынын негизинде жүргүзүлөт.

Калкы көп жана өнөр жайы өнүккөн Чүй өрөөнүндөгү зона айыл чарбадагы түзүлгөн тармактык үлүштү жана адистештирүүнү бир аз өзгөртүүнү талап кылып олтурат. Жакынкы жылдардын ичинде Фрунзе шаарынын тегерегиндеги зоналарды түзүү максатка ылайыктуу болуп жатат, бул зона өнөр жайлык борбордун калкын айыл чарба продуктылары менен камсыз кылмак. Бул болсо өз иретинен негизги өсүмдүктөрдүн бири болуп саналган кант кызылчасынын аянтын бир аз өзгөртмөк, башкача айтканда кант кызылчасынын аянты кант заводдордун тегерегине орношкон чарбаларга берилүүгө тийиш.

Келечекте бул өрөөндө сүт жана эт берүүчү бодо малды өнүктүрүү иши күч алат. Сүт саап алуу, уй этин, чочко этин, тоок этин алуу жана жумуртка алуу өнөр жайлык негизге которулат. Өрөөндөгү борго байлап семиртүүчү чарбалар жана канаттуулардын фабрикалары өнөр жайлык негизде мал чарба продуктыларын иштеп чыгаруучу мамлекеттик жана чарба аралык ири комплекстерди куруунун базасы болуп калат. Шаардык калктын тез өсүшү күтүлбөгөн Талас өрөөнүндө союздук жана республикалык мааниге ээ болгон продуктыларды өндүрүү иши кулач жаят. Бул продуктыларга жүн, жогорку сапаттагы тамеки, сүт, эгин кирет.

Ысык-Көл өрөөнүнүн топурактык-климаттык шарттары жана кеңири тоо жайыттары картошканы, эгинди жана жемишти өстүрүү үчүн пайдаланылат. Келечекте бул райондордун союздук мааниdeги курорттук зонага айланышына байланыштуу сүттү, жашылчаны, жемишти, этти жана жумуртканы өндүрүп чыгаруу боюнча өнөр жайлык типтеги бир катар адистештирилген ири чарбаларды түзүү зарылчылыгы пайда болууда, бул чарбалар эс алуучулардын жана калктын бул продуктыларга болгон талабын толук канааттандырууга тийиш. Ысык-Көлдүн чыгыш райондору картошканы өстүрүүгө өтө ыңгайлуу жерлерден болуп саналат. Бирок картошканы көбөйтүү боюнча ал райондордун мүмкүнчүлүктөрү толук колдонулбай жатат.

Тянь-Шандын жана Алайдын бийик тоолуу райондорунун айыл чарбасынын тармактык үлүшү жана адистештирилиши башка райондордон айырмаланып турат. Анткени, бул — бийик тоолуу кой өстүрүүчү зона. Анын дыйканчылыгы мал чарбасы үчүн керектүү тоюткор базасын түзүүгө баш ийдирилген. Бул райондордо эт жана сүт берүүчү уйду бара-бара эт багытына айландыруу максатка ылайык келет. Эгерде жергиликтүү уйлар жогорку продуктулуу эт багытындагы букалар менен аргындаштырылса тоолуу райондордогу уй өстүрүүнү адистештирүүнүн сунуш кылынып олтурган өзгөртүүлөрү ал тармакты эффективдүүлүккө алып барат. Райондо уйду борго байлап өстүрүү боюнча өнөр жайлык семиртүүчү комплекстерди түзүүнүн келечеги кең. Анда товардык кымызды жана жылкы этин бир канча көбөйтүү үчүн жылкыны көбөйтүүгө өзгөчө көңүл буруу талап кылынат. Муну менен катар бул жерлерде топоздорду, өзгөчө анын инектерин тездик менен көбөйтүү максатка ылай-

ык. Калктын талап кылууларын канааттандыруу үчүн ынак сүт продуктыларын, жашылчаны жана картошканы өстүрүү чарба аралык ишканаларда гана топтолот.

Ош областы келечекте да пахта өстүрүү боюнча өзүнүн адистештирилген багытын сактап калат. Муну менен бирге бул жерде калктын жыш жашагандыгын эске алып бул райондордо жашылчаны, жумуртканы, сүттү жана башка продуктыларды өндүрүүнү көбөйтүү каралууга тийиш. Элдин талап кылууларын канааттандыруу үчүн жетишпеген продуктыларды тоо этегиндеги зонадагы чарбалар өстүрөт. Бул зонада тамеки, жемиш жана жүн алуу максатка ылайык. Ал эми тоо райондору (Алай, Токтогул) жүндү жана кой этин алууга адистештирилиши керек.

Адистештирүү планын иш жүзүнө ашырууда зона аралык адистештирүүгө өтүү, майда товардык тармактарды өнүктүрүү жана аларды бир тармактуу чарба аралык бирикмелерге топтоо зор мааниге ээ. Булардын саны келечекте 142ден 261ге чейин көбөйөт, анын ичинен 102 кой чарба, 35 жемиш-жүзүм, 14 канаттуулар фабрикасы жана асыл тукум канаттуулар заводу, 3 жылуулук комбинаты, 32 уй этин өндүрүү комплекси, 24 музоо чарбасы болуп саналат.

Айыл чарбасын мындан ары карай тармактык адистештирүү жолу менен өнүктүрүү жана өндүрүштү ирилештирүү деңгээлин жогору көтөрүү айыл чарба ишканаларын кооперативдештирүү гана эмес, ошондой эле аларды өнөр жайы менен тыгыз бириктирип бирдиктүү өндүрүштүк комплекс түзүүгө объективдүү шарттарды түзмөк. Бул комплекстерде — айыл чарба продукциясын иштеп чыгаруудан баштап аны өнөр жайлык кайра иштеп чыгарууга жана реализациялоого чейинки бирдиктүү технологиялык процесс иш жүзүнө ашырылат.

Чарба аралык кооперативдештирүүнү өнүктүрүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштырууну ишке ашыруу мезгилинде, айыл чарба продуктыларын индустриалдык негизде иштеп чыгарууда жерди, өзгөчө сугат жана сугарууга даярдалган жерлерди рационалдуу пайдалануу зор роль ойнойт. Алыскы келечекте жаңы сугат жерлердин өсүшү республикада 400 миң гектардан ашыкты, мунун ичинен 1980-жылга чейин 80 миң гектарга чейинки жерди түзөт. Ушул эле убактын ичинде 500 миң гектар аянтка капиталдык түзөтүүлөр жүргүзүлүп, сугат системаларды кайра куруу жана техникалык жак-

тан жакшыртуу өндөнгөн иштер иштелип, жердин продуктуулугу бир канча жакшырат.

Табигый жайыттардын мелиорациялык абалын жакшыртуу боюнча да зор иштер аткарылат. 1990-жылга чейин 500 миң гектар келген жайыт аянттарга тосмолорду куруу менен интенсивдүү ротациялык система боюнча пайдалануу белгиленип олтурат. Аянты бир миллион гектар келген жайыттарга жана чөп чабындыларга жыл сайын минералдуу жер семирткичтер чачылып турат. Жайыттарды сугаруу боюнча 1,3 миллион гектар аянтка сугат системалары түзүлүп, аянты 1,2 миллион гектар келген жерлердеги эски сугат курулуштар кайрадан курулат, 400 миң гектар аянтка чөп уругун себүү иш жүзүнө ашырылып, 200 миң гектар аянттын ташы, 1,0 миллион гектар аянттагы жерлердин уу чөбү жана мал жебей турган башка чөбү жок кылынат.

Мына ушул чаралардын бардыгы мал чарбасы үчүн тоюткор базасын түзүүнү чыңдайт жана тоютту кайра иштетип чыгуу жана даярдоо иши индустриялдык негизде жүргүзүлөт. Мамлекеттик сектордун, ошондой эле республикадагы чарба аралык кооперативдештирүүнүн негизинде район аралык аралаш тоют заводдору жана чарба аралык тоюткор цехтери курулат, бул мал чарба продуктыларын иштеп чыгарууну индустриялаштыруу үчүн негиз болуп саналат.

## Чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агро-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун өнүгүшү

Коммунисттик курулуштун милдеттерин чечүүдө илимий-техникалык прогресс социалисттик өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жана советтик элдин жыргалчылыгын жогору көтөрүүдөгү маанилүү фактордон болуп кызмат кылат. Илимий-техникалык прогрессти тездетүү — партиянын экономикалык саясатынын өзөгү, коомдук өндүрүштү ар тараптан интенсивдештирүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүнүн жана иштелип чыгарылган продукциянын сапатын жакшыртуунун кубаттуу кыймылдаткычы болуп саналат.

Колхоздук-совхоздук өндүрүштүн материалдык-техникалык базасын чыңдоо, илимий-техникалык жетишкендиктерди өндүрүшкө кеңири киргизүү айыл чарба өн-

дүрүшүн индустриялаштыруу үчүн план ченемдүү түрдө жол ачат. Бул ири машиналуу өндүрүшкө гана таандык болгон өтө татаал жана көп кырдуу процесстердин методун киргизүүнү, айыл чарбасынын бардык тармактарын өлкөбүздүн эл чарбасынын тармактарынын бүтүндөй бир комплексинин звеносу — агрардык-өнөр жайлык комплекске бириктирүүнү билдирет.

Айыл чарба өндүрүшүн индустриялаштыруунун процесси ар түрдүү формаларда иш жүзүнө ашырылат. Ал формалардын маанилүүлөрүнүн бири—мурда айыл чарбасына таандык болгон технологиялык обочолонуу белгилеринин улам барган сайын жоюлуп бара жаткандыгы болуп саналат. Ал эми айыл чарбасынын барган сайын өндүрүштүк курал-жабдыктарды көп алышы (тракторлорду, автомобилдерди, айыл чарба машиналарын, минералдык жер семирткичтерди ж. б.). өндүрүшкө өнөкөт катары индустриялдык мүнөздү берүүдө. Ал менен катар айыл чарбасынын кээ бир тармактары өнөр жайлык методго өтө баштады (тоюткорлорду, аралаш тоюттарды, белоктуу-витаминдүү кошумчаларды жана башкаларды иштеп чыгаруу). Мындан тышкары айыл чарбасынын бир катар техникалык операциялары, алсак, айыл чарба продукцияларын кайра иштеп чыгаруу өнөр жайындагыдай боло баштады.

Экинчи жагынан индустриялаштыруу процесси айыл чарба өндүрүшүнүн бир катар тармактарынын чыныгы өнөр жайлык мүнөзгө ээ болушунан көрүнүп олтурат. Канаттуулар менен чочко чарбасында этти өнөр жайлык негизде иштеп чыгаруу, жылуулук комбинаттарында жашылчаларды иштеп чыгаруу буга мисал боло алат. Айыл чарба өндүрүшүн индустриялаштыруунун процесси агрардык-өнөр жайлык интеграциядан, айыл чарба продуктыларын иштеп чыгарууну бир ишканага топтоодон ачык көрүнүп олтурат. Айыл чарба өндүрүшүн индустриялык негизге көтөрүүдө айыл чарбасын тармактык адистештирүүгө жана ирилештирүүгө которуу зор роль ойнойт.

Чарба аралык кооперациялоонун жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун негизинде адистештирүүнү жана ирилештирүүнү иш жүзүнө ашыруу айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча партиянын азыркы этаптагы агрардык саясатынын маанилүү багыттарынын бирин иш жүзүнө ашыруу дегендикти түшүндүрөт.

Өндүрүштү адистештирүү жана ирилештирүү процес-

стерин тармактарга бөлүү, айыл чарба продуктыларын индустриялдык метод менен иштеп чыгарууга өтүү, анын өнөр жайынын айыл чарба сырьёлорун кайра иштеп чыгуучу тармактар менен экономикалык байланыштарды түзүүсү уюмдаштыруучу-техникалык жана экономикалык биримдүүлүккө өсүп жетти. Натыйжада жаңы структуралык звено — агрардык-өнөр жайлык типтеги ишканалар жана бирикмелер пайда болду.

Айыл чарбасын, өнөр жайын кооперациялоо, агрардык-өнөр жайлык комплекстерди жана бирикмелерди түзүү жагынан азыр бизде зор тажрыйбалар бар. Марксизмдин-ленинизмдин классиктерин кооперативдештирүү жана айыл чарбасын өнөр жай менен бириктирүү жөнүндөгү алдын ала көрө билүүлөрү иш жүзүнө ашырылып жатканын көрүп олтурабыз. Биздин өлкөдө, ошондой эле социализмдин өлкөлөрүндө В. И. Лениндин «Социализмдин милдети өнөр жайды жана дыйканчылыкты бир-бирине жакындаштырып бириктирүү»[1] керек деген көрсөтмөсү практикалык жактан иш жүзүнө ашырыла баштады.

Коомдук тарыхый өнүгүштүн белгилүү этабында, жеке менчиктен келип чыккан карама-каршы өндүрүштүк мамилелердин жана коомдун душман таптарга бөлүнүшүнүн натыйжасында өнөр жай менен дыйканчылыктын ортосундагы айырмачылык пайда болгон. Ири капиталисттик машиналык өндүрүштүн үстөмдүк сүрүшү менен бул тармактардын ортосундагы айырмачылык ачык көрүнө баштады; натыйжада, бир жагынан өнөр жайда эмгектин чыныгы өнөр жайлык мүнөзү пайда болсо, экинчи жагынан, дыйканчылыкта эмгектин дыйканчылык мүнөзү пайда болду. Капитализмдин пайда болуу жана өнүгүү шарттарында өнөр жайлык эмгектин дыйканчылык эмгектен, шаардын айыл-кыштактан айырмаланашы закон ченемдүү нерсе болучу.

Бул болсо өндүрүштү ирилештирүүгө, шаарлардын өсүшүнө жардам берди. Ошентип шаарларда барган сайын материалдык байлыктар, маданий баалуу нерселер көп топтолуп, саясий бийлик да күчөй берди. Шаар менен айыл-кыштактын ортосундагы карама-каршылыкты тереңдетип, капитализм айыл чарбасын өзүнүн эксплуатациялай турган объектисине айландырды. Алтымышынчы жылдардан баштап өнүккөн капиталисттик

---

[1] В. И. Ленин. Ч. Ж., т., 42. 15-бет.

өлкөлөрдө айыл чарба ишканаларын контракт жана кредиттер аркылуу ири өнөр жайлык жана соода монополияларга баш ийдирүү иши кеңири кулач жаят. Мында айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүдөн баштап, аны өнөр жайлык жол менен кайра иштетип чыгууга жана сатууга чейинки иштер технологиялык бир процесске бириктирилет.

Бирок интеграциялаштыруунун жаңы формалары да карама-каршылыкты жойбостон, тескерисинче өнөр жай менен айыл чарбанын, эмгек менен капиталдын ортосундагы социалдык-экономикалык карама-каршылыктарды барган сайын ого бетер күчөтүп жатат.

Шаар менен айыл-кыштактын ортосундагы карама-каршылыктын экономикалык жана таптык негизи биздин өлкөдө Улуу Октябрь социалисттик революциясы тарабынан жоюлду, өндүрүштүн негизги курал-жабдыктарына болгон жеке менчиктин үстөмдүк кылышы талкаланды да шаар менен айыл-кыштактын бири-бири менен жакындашына негиз салынды. Шаар тарабынан айыл-кыштак эксплуатацияланбай калды. Өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүн ар тараптан айкалыштыруунун реалдуу мүмкүнчүлүгү пайда болду да, аларды органикалык жактан бириктирүүнүн келечеги ачылды.

Айыл чарба жана өнөр жайлык ишканалардын ортосундагы мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү жана тереңдетүү, алардын социалдык-экономикалык жактан жакындашын тездетүү жана уюмдаштыруу жактан бириктирүү айыл чарба өндүрүшүнүн интенсивдешүүсүнүн жана ирилешининин процесстеринин өнүгүшүнө жараша иш жүзүнө ашырылат. Өндүрүштү ирилештирүүнүн мүнөзү, ченеми жана формасы өндүргүч күчтөрдүн деңгээлине, өндүрүштүк мамилелердин бышып жетилгендигине байланыштуу экендиги түшүнүктүү.

Коллективдештирүүнүн жылдарында ирилештирүүнүн өзгөчө бир формасы майда товардык жеке дыйкан чарбаларды колхоздорго, промыслолук артелдерге бириктирүү болду. Туташ коллективдештирүү мезгилинде партия айыл чарбаны жана анын продукцияларын кайра иштеп чыгуучу өнөр жайларды өндүрүштүк жактан айкалыштыруунун социалдык-саясий жана экономикалык зор мааниси бар экенин бир канча жолу белгилеп көрсөткөн.

Партия ал кезде бир жагынан, мамлекеттик өнөр жайлык ишканалар жана совхоздор менен, экинчи жа-

гынан, тегерегиндеги колхоздор менен тикелей чарбалык байланыш түзүү боюнча демилгелерди колдогон эле. Макулдашылган чарбалык план боюнча мүмкүн болгон учурлардын бардыгында колхоздук-совхоздук аралаш бирикмелерди түзгөн. Булардын жалпы техникалык базасы, айыл чарба продукцияларды кайра иштеп чыгаруу боюнча жалпы ишканалары болгон.

Бирок ал кезде мындай бирикмелердин ийгиликтүү иштеши үчүн экономикалык, техникалык жана уюмдаштыруучулук жагынан зарыл шарттар жок эле. Ошондуктан ал кезде агрардык-өнөр жайлык комбинаттарды куруу боюнча жасалган аракеттер эртерээк эле, себеби өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү деңгээли төмөн болучу. Бирок, өнөр жай менен айыл чарбаны айкалыштыруу жөнүндөгү ой туура болучу. Колхоздорду чарбалык жактан чыңдоо, майда айыл чарба артелдерин ирилештирүү мезгилинде, өзгөчө техниканы колхоздорго саткандан кийин, айыл чарба өндүрүшүн адистештирүү жана ирилештирүү боюнча жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болду.

Бул процесс колхоздук-совхоздук өндүрүшкө таасир бере турган экономикалык рычагдарды кеңири колдонуунун натыйжасында күчөй баштады. Буларга райондордун жана чарбалардын айкын-ачык шарттарына карап продуктыларды даярдоону рационалдуу бөлүштүрүү, сатуучу жана өткөрүүчү бааларды жөнгө салуу, айыл чарбага техникаларды, жер семирткичтерди көп берүү, кеңири масштабда сугат иштерин жүргүзүү кирет. Өндүрүштү тармактык адистештирүүгө өткөрүү жана аны максатка ылайык ирилештирүү, интенсивдештирүү колхоздук-совхоздук өндүрүштүн индустриялдык методдорго өтүшү үчүн чарба аралык кооперациялоо жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштырууну түзүү үчүн тийиштүү шарттарды түзөт.

Ушуга байланыштуу кийинки убактарда чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун натыйжасында айыл чарба өндүрүшүн тармактык адистештирүүгө өткөрүү жана ирилештирүү проблемаларына зор көңүл бурулуп олтурат. Жолдош Л. И. Брежнев чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруу айыл чарбасын гана көтөрүүгө жардам бербестен, ошондой эле биздин бүткүл коомубуздун социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүн камсыз

кылуу үчүн принциптүү мааниге ээ экендиги жөнүндө бир канча жолу эскерткен жана колхозчулардын Бүткүл союздук үчүнчү съездинде сүйлөгөн сөзүндө «агрардык-өнөр жайлык бирикмелердин сөзсүз келечеги кең. Бул жаңы уюмдаштыруучу формадан болуп саналбастан, ошондой эле маанилүү социалдык-экономикалык көрүнүш»[1] деп айткан. Дың жерлерди өздөштүрүүнүн 20 жылдыгына арналган Алма-Атадагы салтанаттуу заседаниеде Л. И. Брежнев бул маселеге дагы бир жолу кайрылып «сөз күндөлүк уюмдаштыруучу-чарбалык проблемалар жөнүндө эмес, ал эми принципиалдуу проблема жөнүндө — мамлекеттик жана колхоздук-кооперативдик менчиктин формаларын мындан ары карай бир-бирине жакындатуу жөнүндө болуп жатат»[2] деп айткан эле. Чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруу өндүргүч күчтөрдү мындан ары карай өнүктүрүүнүн натыйжасы жана чечүүчү факторлору болуп саналат. Демек, кооперативдештирүү менен өнөр жайлык интеграциялаштыруу коммунизмге бара жаткан жолдогу план ченемдүү этап, коомдук өнүгүштүн сөзсүз болуучу натыйжасы десек жаңылышпайбыз.

Марксизмдин-ленинизмдин негизги теориялык жоболорун жана партиянын XXV съезди тарабынан иштелип чыгылган коммунизмди куруунун практикаларын өнүктүрүү максатында КПСС БК кийинки жылдардын ичинде бир катар токтомдорду кабыл алды. Алсак 1976-жылдын май айында жолдош Л. И. Брежневдин сунушу боюнча «чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агроөнөр жайлык интеграциялаштыруунун негизинде айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү жана ирилештирүүнү мындан ары өнүктүрүү жөнүндө» токтом кабыл алынды. Бул токтом айыл чарбанын өнүгүшүндөгү чыныгы жаңы этаптан болуп саналуу менен азыркы кезде кооперативдештирүү жөнүндөгү лениндик окууну өнүктүрүүнү улантуу жана аны практикалык жактан ишке ашыруу болуп саналат.

Партиянын XXV съездине жасаган докладында жолдош Л. И. Брежнев: «Молдавиянын, Россия Федерациясынын, Украинанын, Белоруссиянын жана кээ бир башка республикалардын бир катар областтарынын тажрый-

---

[1] Л. И. Брежнев. Лениндик курс менен. 2-т., 502-бет.
[2] Л. И. Брежнев. Лениндик курс менен. 4-т., 454-бет.

басы өндүрүштүн көлөмүн ылдам өстүрүүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүн олуттуу жогорулатуунун жана өздүк наркты төмөндөтүүнүн чоң мүмкүндүктөрү чарбалар аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциянын базасында өндүрүштү адистештирүүдө жана ирилештирүүдө тургандыгын баяндайт. Демек, бул багытты дагы активдүү жүргүзүү керек. Биздин уюштуруу ишибиз, пландаштыруу, экономикалык рычагдарды пайдалануу, мына ушул прогрессивдүү процесске ар тараптан шарт түзүүгө тийиш»[1] деп белгилеген.

Бул проблема компаниялык да, бир жылдык да проблема эмес, ал айыл чарба өндүрүшүн өнөр жайлык, индустриялык негизге которуу б. а. келечектин проблемасы болуп саналат. Демек, чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруу экономикалык проблемаларды, айыл чарба продуктыларын индустриялык негизде көп иштеп чыгаруу, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, продукциялардын өздүк наркын төмөндөтүү, рентабелдүүлүктү жогорулатуу проблемаларын гана чечпестен, ал эң алды менен социалдык проблемаларды — социалисттик мамилелердин коммунисттик мамилелерге өсүп жетүү, шаар менен айыл-кыштактын, акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы маанилүү айырмачылыктарды жоюу проблемаларын да чече тургандыгын эстен чыгарууга тийиш эмеспиз. Муну биздин партиябыздын программасы талап кылып олтурат.

Чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграция — келечеги бар проблемалар. Агрардык-өнөр жайлык ишканаларды, комплекстерди, бирикмелерди түзүү жана өнүктүрүү белгилүү убактыны, капиталдык чоң салымдарды талап кылат, мына ошондуктан бул маселе биздин коомдук өндүргүч күчтүн өнүгүү деңгээлине жараша бара-бара чечилет. Ал эми чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялоонун өнүгүшүндөгү эң жагдайлуу моменттерди белгилеп жолдош Л. И. Брежнев июль (1978-ж.). Пленумунда: «Муну менен катар Борбордук Комитеттин токтомун аткаруу боюнча жер-жерлерде чыныгы иштердин жүргүзүлбөй жаткандыгы бизди тынчсыздандырбай койбойт. Айыл чарба иштер-

[1] КПССтин XXV съездинин материалдары. 62-бет.

де орун алган кемчиликтердин жана мүчүлүштөрдүн негизине көз жүгүртө турган болсок, эң негизгиси, биздин кадрлардын арасында али да турмуштун талап кылууларын, ошондой эле бардык ушул иштердин терең маанисин толук өздөштүрө элек адамдардын көп экендигин байкоо кыйын эмес. Бул иште шашылыштын кереги жок экендиги жөнүндөгү Борбордук Комитеттин сунушун айрымдары өз билгениндей түшүнүшөт. Бул ишти алар көп жылдарга созууга боло турган иштерден деп түшүнүшөт. Бул жаңылыштык! Токтомдо сөз мөөнөт жөнүндө эмес, иштин сапаты жөнүндө жүрүп жатат. Ишти жакшы жасоо — аны узакка созуу дегендикти билдирбейт» деп белгилейт.

Айыл чарбасын адистештирүүнү мындан ары карай тармактарга бөлүү жана өндүрүштү ирилештирүүнүн деңгээлин жогору көтөрүү айыл чарба ишканаларын кооперативдештирүү боюнча объективдүү шарттарды гана түзбөстөн, аларды өнөр жайы менен айкалыштыруунун натыйжасында бирдиктүү өндүрүштүк комплекске бириктирип, айыл чарба продуктыларын өндүрүүдөн баштап аны өнөр жайлык жол менен кайра иштетип чыгаруу жана сатууга чейин бирдиктүү технологиялык процессти колдонууну иш жүзүнө ашырат.

Айыл чарбасын индустриялаштыруу процесси өнөр жайда иштелип чыгарылган өндүрүштүк курал-жабдыктар менен барган сайын көбүрөөк жабдылышы менен мүнөздүү. Бул курал-жабдыктар дыйканчылыкта жана мал чарбачылыкта да кеңири колдонулуп жатат. Азыркы кезде бул тармактарда индустриялык методдорду колдонуунун натыйжасында бир ишкананын өзүндө эле айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү өнөр жайлык жактан кайра иштетип чыгаруу менен айкалыштыруу мүмкүнчүлүгү түзүлүп олтурат. Ал эми бул болсо өнөр жайлык негизде айыл чарба продуктыларын көп иштеп чыгарууну камсыз кыла турган фактор экендигин биз көрүп олтурабыз.

## Чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун негизги формалары жана түрлөрү

Өндүргүч күчтөрдүн зор өнүгүшүнүн, өндүрүштү коомдоштуруунун, коомдук мамилелерди өркүндөтүү-

нүн натыйжасында айыл чарба өндүрүшүн өнөр жайы менен ажырагыс кылып бириктирүүнүн кеңири келечеги ачылды, бул өнүккөн социалисттик коомдун өлкөсүнө жана илимий-техникалык прогресске гана таандык. Аны менен катар өндүрүштү айкалыштыруунун проблемасы коомдук эмгекти үнөмдөөгө жардам бере турган уюмдаштыруучу форма катарында гана каралбастан, өндүрүштүк курал-жабдыктарды коомдоштурууну күчөтүп, айыл чарба эмгегин индустриялдык эмгектин бир түрүнө айландырып, шаар менен айыл-кыштактын ортосундагы айырмачылыкты жоё турган социалдык-экономикалык фактылар катары да каралат.

Өнөр жайы менен айыл чарба өндүрүшү айкалыштырылганда өндүрүштүн тынымсыз процесси камсыз кылына тургандыгын белгилөөгө тийишпиз, Алсак, республикада бир ишкананын көлөмүндө бардык процесстери бириктирилген ишканалар — жемиш, жашылча жана консерва, жүзүмчүлүк жана вино чыгаруучулук, эфир майын чыгаруучу, кант, тамеки, пахта ошондой эле мал чарба продуктыларын иштеп чыгаруучу өндүрүштөр болуп саналат.

Айыл чарба өндүрүшү менен өнөр жай өндүрүшүн бириктирүүнүн экинчи бир өзгөчөлүгү, бул айрым агрардык-өнөр жайлык ишканалардын бир гана өсүмдүктүн продуктусун иштеп чыгарууга адистештириле албай тургандыгы болуп эсептелет, ал эми өнөр жайлык ишканалардагы жогорку технологиялык көрсөткүчтөр, атап айтканда, бир тармактуу адистештирүүнү иш жүзүнө ашырганда гана камсыз кылынары шексиз.

Тармак аралык айкалыштыруунун өзгөчөлүгү жөнүндө айтканыбызда сырьёлоорду өндүрүп чыгаруунун, өзгөчө өсүмдүктөрдү өстүрүүнүн сезондук мүнөзүн, территориялардын майда зоналарга бөлүнүшүн, социалисттик эки менчиктин болушун көрсөтө кетүүгө тийишпиз.

Өлкөдө айыл чарба жана өнөр жай өндүрүшүн бириктирүүдө эки багыт орун алат, анын бири — бул мамлекеттик ишканалардын биригиши, башкача айтканда совхоздор мамлекеттик кайра иштеп чыгаруучу заводдор менен, экинчиси — кооперативдик чарбалар колхоздук-кооперативдик менчиктер менен бригет. Үчүнчү аралаш багыт да пайда болуп олтурат. Эгерде аталган биригүүлөрдүн биринчи жана экинчисинде айыл чарба жана өнөр жай өндүрүшүнүн бирдиктүү иш-

канага толук биригиши жүзөгө ашырылса, финансалык, материалдык жана эмгек ресурстарын бирге бөлүштүрүп, бирге пайдалана турган болсо, ал эми аралаш бирикмелерде өнөр жайлык ишканалар менен колхоздордун өз алдынчалыгы сакталып калат.

Ишканалардын адистештирилишине, ирилештирилишине, жайгаштырылышына, алардын ээлеген менчигине жараша өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүнүн ар түрдүү интеграциялык байланыштары пайда болду. Ошентип интеграциянын эки түрү бар.

Горизонталдуу интеграция дегенибиз — илимий-техникалык прогресстин негизинде өндүрүштү өтө эффективдүү пайдалануу максатында бирдей деңгээлдеги бир тектүү ишканалардын ортосунда иш жүзүнө ашырылуучу байланышты билдирет.

Ал эми тикелей (вертикалдуу) интеграциялоо дегенибиз ар түрдүү деңгээлдеги ишканалардын ортосундагы байланышты иш жүзүнө ашыруу дегендикти билдирет. Бул байланыштын натыйжасында продуктылар талаачылыктан керектөөчүлөргө чейин жеткирилет. Айыл чарба өндүрүшүнүн азыркы кездеги деңгээлинде бул байланыш кооперативдештирүү аркылуу иш жүзүнө ашырылат.

Социализм кооперативдештирүүнүн антогонисттик мүнөзүн жоюп, аны жаңы коомду түзүү үчүн пайдаланып жатат. Кооперативдештирүү байланыштын эң сонун формаларынан болуп саналат да, айыл чарбасын социалисттик жактан реконструкциялоодо чарбанын тармактарын чыңдоодо, ошондой эле чарба аралык ишканаларды, бирикмелерди жана комплекстерди түзүүдө зор роль ойнойт. Кооперативдештирүүнүн горизонталдуу формасында айрым адистештирилген ишканалардын ортосундагы байланыш иш жүзүнө ашырылат да, белгилүү взносторду төлөөнүн негизинде адистештирилген ири ишканалар жана бирикмелер түзүлөт.

Чарба аралык кооперативдештирүүнүн бул формасына колхоз аралык курулуш уюмдары, курулуш материалдарын чыгаруучу ар түрдүү заводдор, малды борго байлап семиртүүчү пункттар, аралаш тоюттарды чыгаруучу заводдор, айыл чарба продуктыларын кайра иштеп чыгаруучу ишканалар жана цехтер, сүт, жумуртка алуучу кооперативдер, асыл тукум музоолорду багуучу, үрөндү ж. б. материалдарды иштеп чыгуучу ишканалар кирет. Жолдош Л. И. Брежнев өзүнүн сө-

зүндө «...көптөгөн колхоздор менен совхоздор өздөрүнүн чарбаларынын негизинде адистештирилген ири чарбаны түзүү үчүн зарыл сандагы адамдарга жана материалдык ресурстарга ээ болбой олтурат. Бул чарбаларды кеңири кооперативдештирүүнүн негизинде чарба аралык адистештирүүнүн жана ирилештирүүнүн зор милдетин коюп олтурат»[1]

Бир канча чарбалардын ресурстарын бириктирүү индустриялдык типтеги биргелешкен жана адистештирилген чоң ишканаларды түзүү үчүн аларга жардам берет. 1978-жылдын башында, өлкөдө 8 миңден ашык чарба аралык ишкана, уюм жана бирикме бар эле. Алардын пайщиктеринин саны 115 миң чарбаны түздү. Чарба аралык ишканалардын жалпы санынын ичинен колхоздор аралык курулуш уюмдары басымдуулук кылат. Мал чарбачылыгында колхоз аралык, мамлекеттик-колхоздук ишканалар менен уюмдарды түзүү иши кеңири кулач жайды.

Ушул жылдын башталышында өлкөдө 2224 мал чарба комплекси, анын ичинен сүт өндүрүп чыгаруу боюнча — 1978, чочко этин өндүрүүнүн 407, уй этин өндүрүүчү — 254, музоолорду чоңойтуучу — 85 комплекси жана 400гө жакын аралаш тоют заводу иштеп жатат. Чочко комплекстеринин долбоорлонгон кубаттуулугу 21 процент же жылына борго байлап семиртилүүчү чочколордун саны 11,6 миллион баш, уй этин иштеп чыгаруу — 8 процент, сүт өндүрүү — 4 процент жана жылына борго байлап семиртилүүчү уй башы бир миллиондон ашык болду.

Колхоздор жана совхоздор менен салыштырганда уй менен чочконун өздүк наркы колхоз аралык борго байлап семиртүүчү пункттарда 1,5—2 эсеге төмөн, ал эми суткасында орточо салмактын өсүшү 2 эсеге жогору болуп олтурат. Тикелей агрардык-өнөр жайлык кооперативдештирүү айыл чарбалык-өнөр жайлык ишканалар менен план ченемдүү кызматташуунун натыйжасында жүзөгө ашырылып жатат. Мында эмгектин тармактарга бөлүнүшүнүн натыйжасында өндүрүштүк процесстер ар түрдүү стадияларда аткарылат.

Азыркы этапта агрардык-өнөр жайлык кооперативдештирүүнүн барып турган массалык формасы чарбалык келишимдердин негизинде айыл чарбасы менен

---

[1] Л. И. Брежнев. Лениндик курс менен. 4-том, 453-бет.

өнөр жайлык ишканалардын ортосундагы өндүрүштүк байланыш болуп саналат. Кооперативдештирүүнүн бул формасы менчиктин формаларына карабастан бардык айыл чарба ишканаларын, колхоздорду жана совхоздорду, эт комбинаттарын, сүт заводдорун, консерва, кант жана пахта тазалоочу заводдорду өз кучагына алат жана алардын арасында өндүрүштүк тыгыз байланыштар иш жүзүнө ашырылат. Алардын ортосундагы экономикалык мамилелер болсо чарбалык эсептин негизинде жөнгө салынып турат.

Байланыштын бул формасы дайыма өркүндөтүлүп жатат. Мисал үчүн, Кыргызстандын совхоздору менен колхоздорунда жүн иштеп чыгарууну жана даярдоону алууга болот. Жүндү кырдуу, класска бөлүү, таңуу, маркировкалоо, ташуу жана наряд боюнча жүн жуугуч фабрикаларга жиберүү иштерин колхоздор менен совхоздор өздөрү аткарышат. Жөнөтүлгөн жүнгө кыргыз керектөө союзунун конторалары документтерди даярдашат. Ушинтип документтерди жазып даярдашкандыгы үчүн гана керектөө союзунун конторалары даярдалган ар бир тонна жүн үчүн колхоздор менен совхоздордон 100 сомго чейин, ал эми бүткүл даярдалган жүн үчүн (тогузунчу беш жылдыктын жылдарында орточо жылдык даярдалган жүн 37,6 миң тоннаны түздү) 4,0 миллион сомго жакын акча алышат.

Айыл чарбасы менен өнөр жайдын ортосунда тикелей байланышты түзүү бүгүнкү күндүн максатына ылайык келет, анткени мындай байланыш продукцияларды иштеп чыгарууну көбөйтүүгө, анын сапатын жакшыртууга гана негиз түзбөстөн, колхоздук-совхоздук өндүрүштүн эффективдүүлүгүнүн өсүшүнө да негиз түзөт.

Өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшү менен бул байланыштар өркүндөй бермек да, анын негизинде айыл чарбасынын жана өнөр жайынын ишканалары агрардык-өнөр жайлык комбинаттарга өсүп жетүүгө тийиш. Жер жемиштен консерва жасоочу заводдордун, кант заводдорунун, пахта тазалоочу заводдордун келечеги ушундай. Коммунизмдин материалдык-техникалык базасын куруу мезгилинде айыл чарбасы менен өнөр жайдын ортосунда экономикалык мамилелердин сапат жагынан жаңы формалары пайда болот. Бул айыл чарбасы менен өнөр жайлык өндүрүштү ажырагыс кылып би-

риктирүүгө жана ар түрдүү типтеги агрардык-өнөр жайлык формалардын пайда болушуна алып келет.

Айыл чарбасын бириктирүүчү өнөр жайлык ишканалардын өтө массалык формасы совхоз-заводдор болуп саналат, мында бирдиктүү-чарбалык жетекчиликтин астында айыл чарба жана өнөр жай өндүрүшү ар түрдүү деңгээлде айкалыштырылат. 30-жылдардын башталышында өлкөбүздө пайда боло баштаган байланыштын мына ушундай формалары эфир май өндүрүшүндө, жүзүмчүлүктө, вино чыгаруучулукта, кант кызылчасын, картошканы кайра иштеп чыгарууда иш жүзүнө кеңири ашырылган. Кыргызстанда ошол мезгилде Калинин районунда эфир май заводу жана республиканын Тамак-аш өнөр жай министерствосунун азыр иштеп жаткан вино чыгаруучу айрым заводдору түзүлгөн болучу. Эфир май заводунда жана вино совхоздорунда айыл чарба өндүрүшүнүн продукцияларын өнөр жайлык ишканаларда кайра иштетүү иши жолго коюлган эле. Мындай ишканалар Молдавия ССРинде, Украинада жана башка областтарда көп уюштурулган. Тамак-аш өнөр жай министерствосунун алдындагы 650 совхоздун 500дөн ашыгы совхоз-завод болуп эсептелет.

Азыркы кезде өлкөбүздө 435 жүзүмчүлүк-вино чыгаруучу совхоз-завод жана 30дан ашык бирикме иштеп жатат. Алардын көпчүлүгү агрардык-өнөр жайлык ири бирикмелерге «Молдвинпромдун», «Досглавинонун» составына кирет. Жүзүмчүлүк-вино чыгаруучу ишканалар жана бирикмелер өлкөбүздө иштелип чыгарылуучу жүзүмдүн 1/3, сырьелордун алгачкы кайра иштетилип чыгарылуучу продукциясынын 3/4, вино иштеп чыгаруунун 1/2ин берет.

Кийинки жылдардын ичинде агрардык-өнөр жайлык интеграция Молдавиянын жүзүмчүлүгүндө жана вино иштеп чыгаруусунда өтө зор өсүшкө ээ болду. Эгер 1966-жылы Молдавияда адистештирилген 17 совхоз-завод болсо, 1970-жылы алардын саны 57ге, ал эми азыркы кезде 126га жетти. Совхоз-заводдордо айыл чарба өндүрүшүнүн рентабелдүүлүгүнүн деңгээли, кадимки жүзүмчүлүк совхоздордун деңгээлине салыштырганда 20—25 процентке жогору, эмгек өндүрүмдүүлүгү жана жер аянтынын бирдигинен алынуучу продукциялардын көлөмү да 1,5 эсе жогору.

Биздин республикада совхоз-заводдордун катарына бардык винсовхозкомбинаттарды жана жашылча-кон-

серва заводдорду киргизүүгө болот. Алар өздөрүнүн мааниси жагынан совхоз-заводдорго окшоп кетет, бирок формасы жагынан уюмдаша элек. Ушул ишканалардын бардыгы Кыргыз ССРинин Тамак-аш өнөр жай министерствосуна таандык. Ошондуктан аларды уюмдаштыруу жактан чындоо көп деле күч талап кылбайт, демек бул ишти көп кечиктирбей иштөө керек.

Буга мисал катары Кыргыз ССРинин Тамак-аш өнөр жай министерствосунун вино чыгаруучу «Ала-Тоо» совхозун алууга болот, бул совхоз агрардык-өнөр жайлык типтеги ишканадан болуп саналат да, жемишти, жүзүмдү, вино материалдарын, жүзүм ширелерин жана башкаларды иштеп чыгарууга адистештирилген. Өлкөбүздө совхоз-заводдор менен катар кант өнөр жайында агрардык-өнөр жайлык комбинаттарды уюштуруу кеңири жайылтылып жатат, ал комбинаттарга кызылча уругунун заводдору, кант заводдор жана алардын алдында борго байлап семиртүүчү чарбалар биригип жатат. Азыркы кезде Тамак-аш өнөр жай министерствосунун кант кызылчасынын уругун иштеп чыгаруучу 139 заводунун 111 же 80 проценти комбинаттардын составына кирет.

Агрардык-өнөр жайлык комбинаттардын ушундай формасы өз убагында Кыргызстандын кант заводдору үчүн да мүнөздүү болгон (Кант, Беловодск, Кара-Балта). Бирок кийин мындай комбинаттар өз алдынча иш жүргүзүүчү чарбаларга, кант заводдоруна, борго байлап семиртүүчү пункттарга, үрөн совхоздоруна бөлүндү. Илимий-техникалык прогресске байланыштуу Кыргызстандын кант заводдорунун алдында — комбинаттарды түзүү зарылдыгы туулуп олтургандыгын айта кетүүгө тийишпиз. Келечекте жашылчадан консерва жасоочу агрардык-өнөр жайлык комбинаттар сырьелук базалар менен бириктирилүүгө тийиш. Сырьелорду берүүчү колхоздор жана совхоздор менен да бириктирилип, өндүрүштүн бардык циклдарын өз кучагына алган агрардык-өнөр жайлык бирикмелердин түзүлүшү да талап кылынат.

Мындай бирикмелер экономикалык гана эмес, ошондой эле социалдык проблемаларды, шаар менен айылкыштактын ортосундагы, акыл эмгеги менен күч эмгегинин ортосундагы айырмачылыктарды жоюу проблемасын да чечүүгө тийиш. Генеральный директору бар мындай бирикмелердин башкы ишканалары кант заводдору

менен консерва заводдору болуп калат, ал эми колхоздор жана совхоздор, борго байлап семиртүүчү пункттар жана башкалар бул бирикмелердин биринчи звенолорунан болууга тийиш. Бирок алар өз алдынча балансна болуу менен иш жүргүзүшөт.

Агрардык-өнөр жайлык комбинаттар совхоз-заводдор менен агрардык-өнөр жайлык бирикмелердин ортосундагы звенодон болуп, совхоз-заводдордон айырмаланат. Агрардык-өнөр жайлык бирикмелердин составына экономикалык жактан өз алдынча айыл чарба жана өнөр жай ишканалары кирет. Алардын бардык уюмдаштыруучу-чарбалык иштери башкы бирикме тарабынан жүзөгө ашырылат.

Агрардык-өнөр жайлык бирикменин эки түрү бар. Биринчиси — башкы ишканалардын негизинде түзүлгөн бирикмелер, экинчиси — өзүнүн составына кирүүчү ишканаларды башкаруу үчүн өз алдынча аппараты бар бирикмелер. Башкы ишканалардын негизинде түзүлгөн агрардык-өнөр жайлык бирикмелер консерва жасоочу өнөр жайында, жүзүмдү иштеп чыгарууда жана кайра иштетүүдө кеңири кулач жайып өнүгүүдө. Мындай бирикмелер канаттуулардын продукцияларын иштеп чыгаруу боюнча Молдавияда, Украинада, РСФСРда да тездик менен өсүп жатат.

СССРдин Тамак-аш өнөр жай министерствосунун системасында 1975-жылдын башталышына карата агрардык-өнөр жайлык 56 бирикме болгон. Молдавияда жемишти жана жашылчаны өстүрүү жана кайра иштетип чыгуу боюнча территориялык чарбалык эсептеги агрардык-өнөр жайлык 32 бирикме бар. Алардын ичинде: консерва заводдорунан, адистештирилген совхоздордон жана даярдоочу уюмдардан турган агрардык-өнөр жайлык 8 бирикме; адистештирилген совхоздору жана өткөрүп сатуучу уюмдары бар агрардык 3 бирикме; консерва заводдорунун жана өткөрүп сатуучу уюмдардын негизинде түзүлгөн өткөрүп сатуучу өнөр жайлык 9 бирикме; даярдоочу-өткөрүп сатуучу 12 уюм бар.

Республикалык агрардык өнөр жайлык бирикме «Молдплодоовощпромдун» составында бардыгы болуп адистештирилген 27 совхоз-заводдон, 27 ири консерва заводунан, 52 муздаткыч жана жемиш сактагычтан, адистештирилген авторефрижаторлору жана башка автомашиналары бар бир канча автобазадан, даярдоочу-өткөрүп сатуучу базалардан, тардык заводдордон, дол-

боорлоочу-конструктордук жана технологиялык уюмдардан, тамак-аш техникумдарынан, профтех окуу жайларынан жана башка уюмдардан турат. «Молдплодоовощпром» бирикмесинин иши даярдоонун, кайра иштеп чыгаруунун жана айыл чарба өнөр жай продукцияларын сатуунун бирдиктүү планы боюнча жүзөгө ашырылат. Аны менен бирге юридикалык жана экономикалык өз алдынчалыгы сакталып ага кирген бирикмелер чарбалык эсептин принциптеринин негизинде иш жүргүзөт.

Борбордук аппараттын алдында түзүлгөн директорлордун Совети бирикменин өнүгүшүнүн жылдык жана келечек пландарынын долбоорлорун, алардын өндүрүштүк-чарбалык иштеринин отчетторун, уюмдаштыруучу-техникалык иш чаралардын долбоорлорун, бирикменин бөлүмдөрүнүн адистештирилишин жана кооперативдештирилишинин проблемаларын, башка системалардын чарбалары жана уюмдары менен болуучу өндүрүштүк байланыштарын жакшыртуу маселелерин карайт. Мындай бирикмелер мал чарбачылыгында, өзгөчө канаттуулардын продуктыларын алуу жагында көп түзүлүп жатат.

Канаттуулар чарбасы адистештирүүнүн, ирилештирүүнүн жана өнөр жайлык негизде өнүгүүнүн интенсивдүү жолуна айыл чарба өндүрүшүнүн башка тармактарынан мурдараак түштү. СССРдин «Птицепромунун» бирикмелеринде канаттуулардын саны 1970-жылдагы 150 миллион баштан 1974-жылы 280 миллион башка чейин өстү, жумуртка алуу — 10,7 млрд. даанадан 22,2 млрд. даанага, ал эми канаттуулардын эти — 294 миң тоннадан 559 миң тоннага чейин көбөйдү. Эгерде 1970-жылы «Птицепромдун» чарбалары өлкөбүздө даярдалган жалпы эттин 64 процентин жана жумуртканын 54 процентин мамлекетке саткан болсо, 1974-жылы эттин 71,2 жумуртканын 66 процентин сатты.

Миң даана жумуртканы алуу үчүн «Птицепромдун» чарбалары 4,7 адам саатын зарп кылса, ал эми совхоздор 6 адам саатын зарп кылышат. 1970-жылы ар бир мекиянда 199 даана жумуртка алынса, 1974-жылы 224 жумуртка алынган. Мына ушундай закон ченемдүүлүк «Киргизптицепромуна» жана «Киргизживпромуна» да таандык. Кыргызстанда республикалык «Киргизживпром» менен катар анын райондук бирикмелери да түзүлгөн. Райондук территориялык бирикмелер малды борго байлап семиртүүдөн тышкары, башка чарба ара-

лык ишканалар менен да иш жүргүзөт. Социалисттик боордош өлкөлөрдө агрардык-өнөр жайлык бирикмелерди уюштуруу боюнча кызык тажрыйбалар бар. Мисалы, элдик Болгария республикасында кийинки жылдардын ичинде территориялык агрардык-өнөр жайлык комплекстерди уюштуруу жана өнүктүрүү ийгиликтүү жүргүзүлүп жатат. Алардын составына бирдиктүү башкаруунун негизинде иштешкен мамлекеттик чарбалар менен кооперациялар кирет.

Конкреттүү шарттарга байланыштуу айрым комплекстерде алардын составына кирген чарбалардын юридикалык өз алдынчалыгы сакталат, башкаларында сакталбайт. Бирок алардын бардыгы үчүн жалпы нерсе, биринчиден, өндүрүштү кеңейтүү үчүн алынган кирешеден которуп алууларды мамлекеттик масштабда топтоо, экинчиден, кызматкерлердин негизги кызмат акысынан тышкары кошумча иретинде берилүүчү пайданын бир бөлүгүн комплекстер боюнча топтоо болуп саналат. Бул принциптер Болгариянын айыл чарбасынын келечектеги өнүгүшү үчүн өтө зор мааниге ээ.

Капиталдык салымдарга жумшалуучу финансалык каражаттарды бардык кооперациялар боюнча чогуу топтоо өндүрүштүк объектилерди курууга, эң жогорку экономикалык пайданы бере турган чараларды иш жүзүнө ашырууга мүмкүндүк берет. Ал эми материалдык кызыктырууга жумшала турган пайданын бир бөлүгүн комплекстердин масштабы боюнча топтоо эмгекке акы төлөөдөгү айырмачылыкты азайтууга сөзсүз жардам берет.

Социалисттик кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялоо өзүнүн мааниси жагынан капиталисттик интеграциядан түп тамырынан бери айырмаланат. Өндүргүч күчтөрдүн өсүшү ж. б. көрсөткүчтөр жагынан да социализм өлкөлөрү зор артыкчылыкка ээ экендиги талашсыз.

Кийинки кездерде чарбалык агрардык-өнөр жайлык комплекс жана эл чарбалык агрардык-өнөр жайлык комплекс деген түшүнүктөр пайда болду. Бир ишкананын көлөмүндөгү чарбалык агрардык-өнөр жайлык комплекс айыл чарба жана өнөр жай өндүрүшүн да бириктирет.

Ал эми өлкөбүздөгү чарбалык, райондук, областтык жана республикалык территориялык агрардык-өнөр жайлык комплекстердин жана бирикмелердин негизинде

бирдиктүү эл чарбанын агрардык-өнөр жайлык комплекси түзүлөт. Бул айыл чарба продуктыларын өндүрүүгө, кайра иштетүүгө, сактоого, ташууга жана сатууга белгилүү даражада катыша турган эл чарбанын айрым тармактарынын өз ара байланышы болуп саналат.

Эл чарбасынын агрардык-өнөр жайлык комплексине айыл-кыштакты өндүрүштүк курал-жабдыктар менен камсыз кыла турган өнөр жай тармактары жана да сырьелорду кайра иштетүүчү, сактоочу, ташуучу, продукцияларды сатуучу, ошондой эле айыл чарбасына ар кандай жумуштарды жасап берүүчү тармактар жана айыл чарба өндүрүшү кирет.

Тармактар аралык балансанын маалыматтары боюнча 1966-жылы өлкөбүздүн эл чарбасынын агрардык-өнөр жайлык комплексинде — 42,8 миллион киши, анын ичинде айыл чарба үчүн өндүрүштүк курал-жабдыктарды иштеп чыгаруучу тармактарда — 2,3; айыл чарбанын өзүнө — 28; айыл чарба сырьелорун кайра иштетүүчү жана даярдоочу тармактарда — 12,5 миллион киши иштеди. Айыл чарба өндүрүшүндө иштегендердин санын кескин түрдө кыскартуу менен башка тармактарда иштегендердин санын көбөйтүү максатка ылайык болуп саналат.

КПСС БКнын июль (1978-жыл) Пленумунда белгиленгендей агрардык-өнөр жайлык комплекстерди өнүктүрүүдө али да көп жетишпегендиктер бар. Колхоздор менен совхоздордун өндүрүштүк курал жабдыктарга болгон талап кылуулары толук канааттандырылбай жатат. Машиналардын кабыл алынган системасына ылайык дыйканчылык менен мал чарбачылыкты комплекстүү механизациялаштыруу үчүн 2985 ар түрдүү машиналарды чыгаруу талап кылынат, ал эми чыгарылып жаткан машиналардын түрлөрү көрсөтүлгөн санга жетпейт. Мындан тышкары айыл чарбасына келип жаткан машиналардын көпчүлүгү эмгек өндүрүмдүүлүгү, үнөмдүүлүгү жана узак убакытка иштеши жагынан өсүп бара жаткан талапка жооп бербейт.

Колхоздордо жана совхоздордо технологиялык транспорттор, өзгөчө адистештирилген жүк ташуучу автомобилдер жана өндүрүштүн башка курал-жабдыктары жетишпейт. КПСС Борбордук Комитетинин июль Пленумунун чечими боюнча он биринчи беш жылдыктын ичинде айыл чарбасына тракторлорду берүүнүн жалпы ку-

баттуулугун 182 миллион аттын күчүнө чейин жеткирүү каралып олтурат, бул онунчу беш жылдыкка салыштырганда 30 процентке ашыктык кылат дегенди билдирет. Башка машиналарды, транспорттук машиналарды берүү да кескин көбөйөт. Эки министерствонун өндүрүштүк базасын өнүктүрүүгө гана — трактор жана айыл чарба машиналарын куруу, мал чарбасы үчүн машиналарды куруу жана тоюткорлорду өндүрүү министерстволоруна он биринчи беш жылдыкта 7,2 млрд. сом акча бөлүнөт, бул азыркы беш жылдыкка салыштырганда 1,6 эсе көптүк кылат. Ал эми аралаш тоют жана микробиологиялык өнөр жайды өнүктүрүүгө 4,2 млрд. сом капиталдык салым бөлүнөт.

Бул чаралар аралаш тоюттарды иштеп чыгарууну 102 миллион тоннага жеткирүүнү камсыз кылат. Келечектеги жылдарда мелиорация, турак жай, маданий-турмуштук курулуштар кеңири кулач жаят. Дыйканчылыкты жана мал чарбачылыкты азыркы кездин өндүрүштүк курал жабдыктары менен камсыз кылуучу тармактардын кубаттуулугун өстүрүү колхоздор менен совхоздордун экономикасын мындан ары карай өнүктүрүү үчүн бекем негиз түзөт. Айыл чарбасы агрардык-өнөр жайлык комплекстердин негизи болуп саналат. КПСС БКнын март (1965-жыл) Пленумунун чечимин кыйшаюусуз иш жүзүнө ашырып совет эли айыл-кыштактын экономикасын көтөрүүгө, дыйканчылык менен мал чарбачылыктын продукцияларын иштеп чыгарууну көбөйтүүдө зор ийгиликтерге жетишти, бул ийгиликтер КПССтин XXV съезди жана КПСС БКнын июль Пленуму тарабынан жогору бааланды.

Азыркы милдет чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун, тармактарды интенсивдештирүү жана индустриялоону күчөтүүнүн натыйжасында зор натыйжага жетишүүнүн негизинде айыл чарба өндүрүшүнүн адистештирилишин жана ирилештирилишин күчөтүү болуп саналат. Иштин акыркы натыйжасы болуп саналган продукцияларды пайдаланууну өнүктүрүүдө; советтик элдин турмуш деңгээлин жогорулатууда агрардык-өнөр жайлык комплекстердин үчүнчү звеносу зор роль ойнойт.

Продуктыларды даярдоочу, сактоочу жана кайра иштеп чыгаруучу өндүрүштүк жана сырьёлук базалар кийинки жылдарда абдан чыңдалды. 1966—1977-жылдары өлкөбүздө: 34 миллион тонналык элеваторлор, 92

миллион тонналык эгин складдары жана сактагычтар, жашылча жемиш жана картошка сактай турган 18 миллион тонналык сактагычтар ишке киргизилди. Кайра иштеп чыгуучу ишканалардын, консерва заводдорунун кубаттуулугу бир канча өстү, өнөр жайдын башка тармактарындагы көп ишканалардын материалдык базалары кеңейтилди жана жакшыртылды.

Ошондой болсо да кайра иштеп чыгаруучу тармактардын иштеринде али да көп жетишпегендиктер бар. Бир катар ири зоналарда өз убагында кабыл алуу жана продукцияларды кайра иштеп чыгуу боюнча сактагычтар жана кубаттуулуктар жетишпейт. Алсак, биздин республикада жашылчаны кайра иштетип чыгуу боюнча кубаттуулуктар, жемишти, жашылчаны жана картошканы сактай турган сыйымдуулук да жетишпейт. Агрардык-өнөр жайлык комплекстерди өнүктүрүүдө анын максатка ылайык үлүшүнө жетишүү, тармактардын ортосунда рационалдуу байланышты орнотуу, өз ара байланыштын механизмдерин жөнгө салуу маанилүү иш. Агрардык-өнөр жайлык комплекстердин азыркы кезде пайда болгон үлүштөрү мындан ары тынымсыз өркүндөтүүнү талап кылат.

## ЧАРБА АРАЛЫК КООПЕРАТИВДЕШТИРҮҮНҮН ЖАНА АГРАРДЫК-ӨНӨР ЖАЙЛЫК ИНТЕГРАЦИЯЛАШТЫРУУНУН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ

### Чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун экономикалык эффективдүүлүгү

Өлкөбүздүн экономикасынын азыркы этаптагы өнүгүшүнүн борбордук милдети илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерин жана өнүккөн социалисттик коомдун артыкчылыктарын тыгыз бириктирүүнүн негизинде коомдук өндүрүштүн сапатын жана эффективдүүлүгүн ар тараптан жогору көтөрүү болуп саналат.

Жолдош Л. И. Брежнев «СССРдин элүү жылдыгы жөнүндөгү» докладында «азыркы кездин негизги милдети — бул ориентацияны кескин түрдө өзгөртүү, бардык күчтү чарбаны интенсивдүү метод менен жүргүзүүгө жумшоо менен экономиканын эффективдүүлүгүн олуттуу түрдө жогору көтөрүү болуп саналат. Сөз экономи-

калык өсүш барган сайын эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогору көтөрүүнүн жана илимий-техникалык прогрессти тездетүүнүн, чарбага жумшалган ар бир сомдун кайтарып берүүсүн жогорулатуу жөнүндө жүрүп жатат» деп белгилеген. Муну менен катар өндүрүштү башкаруунун экономикалык методдорунун ролу жана мааниси өтө баса көрсөтүлөт, анткени ал социализмдин экономикалык закондору менен категорияларын пайдаланууга негизделет. КПСС БКнын март (1965-жыл) Пленуму тарабынан иштелип чыккан жана партиянын кийинки съезддери менен КПСС БКнын Пленумдарынын чечимдеринде өнүктүрүлгөн партиянын экономикалык саясатындагы бурулуштардын мааниси так мына ушунда.

Продукцияларды мындан ары карай көбөйтүүнүн, анын өздүк наркын төмөндөтүүнүн жана мунун натыйжасында жогорку рентабелдүүлүккө жетишүүнүн чечүүчү шарттары айыл чарба өндүрүшүн адистештирүү жана ирилештирүү болуп саналат. Анын натыйжасында чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруу түзүлүп жана өнүктүрүлүп жатат, айыл чарба өндүрүшүнүн өнөр жайлык негизге өтүшү иш жүзүнө ашырылууда. Өлкөбүздө агрардык-өнөр жайлык бирикмелердин сапат жагынан жаңы формасы анын ичинде биздин республикада да, өнөр жайлык мал чарба комплекстерин түзүү менен мал чарба продуктыларын өндүрүп чыгарууну индустриялык негизге которуу болуп саналат.

Мал чарба продуктыларын индустриалдык негизде иштеп чыгаруу мурдатан колдонулуп жүргөн методдордон төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Биринчиден, өндүрүштүк процесстер комплекстүү механизациялаштырылат жана автоматташтырылат, жаңы прогрессивдүү технология киргизилип, өндүрүштө сезондуулук болбойт жана айыл чарбасындагы иштер бир калыпта жүргүзүлөт.

Өндүрүштү эң жогорку деңгээлде ирилештирүү менен адистештирилген агрардык-өнөр жайлык ири бирикмелерди индустриалдык негизде түзүү айыл чарба продуктыларын үзгүлтүксүз өндүрүүнү камсыз кылат.

Өлкөбүздүн «Птицепром» бирикмесинде 1965—1972-жылдарда жумуртка өндүрүүнүн жылдык темпинин өсүшү 25,5 процентти, ал эми чарбанын бардык категориялары боюнча 6,1 процентти түздү. Канаттуулардын эти—22 процентке көбөйсө, чарбалардын калган формаларын-

да арандан зорго 7,6 процент гана көбөйдү. Тоюткорлорду зарп кылуу 30 процентке төмөндөп, өндүрүштүн рентабелдүүлүгү 14 проценттен 39 процентке өстү. Мындай закон ченемдүү өнүгүш «Киргизптицепромдун» республикалык бирикмелерине да таандык. Алсак, бирикмеде жумуртка өндүрүү 1970-жыл менен салыштырганда 1976-жылы 2,6 эсе көбөйүп 187 миллион даананы түздү, канаттуулардын этин өндүрүү да эки жарым эсеге көбөйүп, 4,5 миң тоннага жетти.

«Птицепромдун» чарбалары 1980-жылга карата 250 миллион даана жумуртканы жана 5,5 миң тонна канаттуулардын этин өндүрүп чыгаруу менен 1990-жылы алардын кубаттуулугу эки эсеге көбөйөт да, калктын бул продуктыларга болгон талап кылууларын толук канааттандыруу боюнча мүмкүнчүлүктөрдү түзөт. Малды семиртүүнү адистештирүүнүн жана ирилештирүүнүн, өндүрүштүк процесстерди механизациялаштырунун натыйжасында чарбалар эт өндүрүүнү көбөйтүп, анын өздүк наркын төмөндөтүп, өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн жогорулатууда.

Тогузунчу беш жылдыктын жылдарында республиканын борго байлап семиртүүчү совхоздору тарабынан 138,6 миң баш уй, 324,5 миң чочко, 962,7 миң кой жана 6,3 миң баш жылкы семиртилген. Бул жылдарда орто эсеп менен алганда семиртүүгө коюлган уйлар суткасына 608, чочколор — 462, койлор — 63 граммдан салмак кошкон, ал эми бул болсо республиканын колхоздору менен совхоздорунун орточо көрсөткүчүнөн 1,5—2 эсе көптүк кылат.

Адистештирилген ири чарбаларда мал чарба продуктыларын өндүрүүнүн экономикалык жогорку эффективдүүлүгүн эч ким тана албайт. Мында илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктери өтө толук пайдаланылат, бул болсо эмгек өндүрүмдүүлүгүн өстүрүүгө, продукциялардын бирдигине жумшалуучу материалдык жана эмгектик зарп кылууларды төмөндөтүүгө алып барат. Мал семиртүүчү чарбалар негизги өндүрүштүк фондулар менен жакшы жабдылган. Өндүрүштүк процесстерди жогорку деңгээлде механизациялаштыруунун, өркүндөтүлгөн технологиянын, эмгек акыны туура төлөөнүн негизинде чарбаларда өндүрүштүн бир канча эффективдүү өнүгүшү камсыз кылынат.

Мисалы, 1977-жылдын башталышына карата мал семиртүүчү совхоздордун бардык негизги фондулары

47161 миң сомдук сумманы түзгөн же орто эсеп менен ар бир чарбага 1746 миң сомдон ашык суммадагы негизги фондулар туура келген. Ар 100 гектар айыл чарба жерине чагып эсептегенде айыл чарбалык маанидеги негизги өндүрүштүк фондулардын орточо жылдык баасы 23,3 миң сомду түзсө, ал эми орточо эсеп менен алганда айыл чарба өндүрүшүндөгү ар бир кызматкерге 5 миң сомдон туура келген. Бул көрсөткүч жогоркуга тиешелүү совхоздордо 18,1 жана экинчи көрсөткүч — 4,9 миң сомду, колхоздордо — 16,0 жана 4,7 миң сомду түзгөн.

Айыл чарба өндүрүшүнүн фонд менен жабдылышынын жана эмгектин фонду менен куралданышынын өтө жогорку деңгээли башка чарбаларга салыштырганда мал семиртүүчү чарбаларда, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорку деңгээлде өсүшүн камсыз кылат. Эгерде «Киргизживпромдун» республикалык бирикмесинин совхоздорунда 1976-жылы айыл чарба өндүрүшүндө иштегендердин ар бир кызматкерине 4225 сомдук, ал эми ар бир адам саатына 1973-жылдагы салыштырма баа боюнча айыл чарбасынын 1,78 сомдук дүң продукциясы иштелип чыгарылса, Кыргыз ССР Айыл чарба министерствосунун совхоздор боюнча башкы башкармасынын совхоздорунда жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарга ылайык 2544 жана 1,59 сомдук, республиканын колхоздорунда — 3174 жана 1,53 сомдук продукция иштелип чыгарылган, демек, айыл чарбасынын дүң продуктыларын иштеп чыгаруу боюнча мал семиртүүчү совхоздордо эмгек өндүрүмдүүлүгү ар бир кишиге эсептегенде 1,7 эсе өсүп, ар бир адам саатына эсептегенде 12 процентке жогорулаган.

Мал семиртүүчү совхоздордо уйдун бир центнер салмагын алууга эмгектин тикелей зарп кылынышы 33,2 жана чочко этин алууга — 20,4 адам-сааты зарп кылынса, башкы башкарманын совхоздорунда — 47,5 жана 21,4 адам-сааты, республиканын колхоздорунда — 69,8 жана 26,7 адам-сааты зарп кылынган, б. а. «Киргизживпромдун» мал семиртүүчү совхоздорунда эмгекти зарп кылуу совхоздор боюнча башкы башкарманын совхоздоруна салыштырганда 30 жана 5 процент төмөн, республиканын колхоздоруна салыштырганда 53 жана 24 процентке төмөн дегендикти билдирет.

Азырынча эмгек өндүрүмдүүлүгүн эсептөөнүн бирдүктүү методикасы болбогондуктан, аны мал семиртүүчү совхоздор боюнча талдаганда мурдагы, коомдоштурулган эмгектин зарп кылынышын эсепке албастан, про-

дукциялардын бирдигине жумшалган адам эмгегинин зарп кылынышы гана эсепке алынды. Бирок илимий-техникалык прогресстин темпинин тездетилиши жана айыл чарба өндүрүшүнүн индустриялык негизге которулушу менен айыл чарба продуктыларын иштеп чыгаруу үчүн машиналарга, имараттарга, жасалгаларга зарп кылынган мурдагы эмгек барган сайын көбөйө бермек. Мына ошондуктан өндүрүштүн эффективдүүлүгү жөнүндө айыл чарба продуктылардын бирдигине зарп кылынуучу адам эмгегин үнөмдөө боюнча гана баа бербестен ошондой эле мурдагы, коомдоштурулган эмгектин канчалык эффективдүү пайдаланылгандыгы боюнча да баа берилет. Анткени, адам эмгегинин зарп кылынышынын кыскарышына караганда, мурдагы эмгектин зарп кылынышынын көбөйө бериши мүмкүн экендигин практикадан көрүүгө болот.

Эмгектин фонду менен куралданышы эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгээлине таасир бере турган маанилүү факторлордун бири болуп саналат. «Киргизживпромдун» республикалык бирикмесинин мал семиртүүгө адистештирилген совхоздорунда эмгектин фонду менен куралданышы 1976-жылы совхоздор боюнча башкы башкармасынын совхоздоруна салыштырганда 2,2 процентке, республиканын колхоздоруна салыштырганда 7 процентке жогору болгон. Бул эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылууда. Ошондой эле мал семиртүүчү совхоздордо негизги өндүрүштүк фондулар да эң жакшы пайдаланылып жатат. Эгер 1976-жылы айыл чарбалык маанидеги негизги өндүрүштүк фондулардын ар бир сомуна мал семиртүүчү совхоздордо 76 тыйындык дүң продукция иштелип чыгарылса, ал эми башкы башкарманын совхоздорунда 64, республиканын колхоздорунда 65 тыйындык дүң продукция иштелип чыгарылган. Бул мал семиртүүчү совхоздорго караганда башкы башкарманын совхоздорунда 16 жана колхоздордо 14 процентке төмөн дегендикти билдирет.

Аны менен бирге мал семиртүүчү совхоздордо негизги өндүрүштүк фондулар али да болсо жетишкерлик интенсивдүү пайдаланылбай жаткандыгын, кийинки жылдардын ичинде өндүрүштүк фондулардын өсүш темптери айыл чарбанын дүң продукцияларынын өсүш темптеринен озуп бара жаткандыгынын натыйжасында фондулардын кайтарылып алынышы төмөндөп, продук-

цияларга зарп кылынган фондулардын көлөмүнүн өсүп бара жаткандыгын белгилей кетүүгө тийишпиз.

Мисалы, 1974—1976-жылдары айыл чарбалык маанидеги негизги өндүрүштүк фондулардын баасы 2,1 эсе өскөн болсо, ал эми айыл чарбанын дүң продукциясы араң гана 1,9 эсеге өскөн. Ушул эле убактын ичинде фондулардын кайтарылышы 84 тыйындан 70 тыйынга, же 10 процентке төмөндөгөн. Ошондуктан азыркы кездеги илимий-техникалык революциянын шарттарында жана ушулардын негизинде айыл чарбанын индустриялизацияланышын иш жүзүнө ашырууда мал семиртүүчү совхоздор негизги өндүрүштүк фондуларды пайдаланууну түп тамырынан бери жакшыртып, фондулардын кайтарылышын жогорулатууга жана продукцияларга зарп кылынуучу фондулардын көлөмүн төмөндөтүүгө тийиш.

Кыргыз ССР Тамак-аш өнөр жай министерствосунун совхоз-заводдорунан жогорку эффективдүүлүктү көрүүгө болот. Мисалы: жүзүмдүн түшүмү совхоз-заводдордо, Кыргыз ССРинин Айыл чарба министерствосунун совхоздоруна караганда 46 процентке жогору, ал эми республиканын колхоздору менен салыштырганда 2,1 эсеге жогору. Жүзүмдүн өздүк наркы 20—25 процентке төмөн. Ал эми ар бир центнер жүзүмдү сатуудан түшкөн пайда 4 эсе жогору. Айрым чарбалар боюнча бул көрсөткүчтөр төмөнкүдөй мүнөздөлөт.

1977-жылы 7 винсовхозкомбинаттын бири болуп саналган «Ала-Тоо» винсовхозкомбинаты айыл чарбасынын 3393 миң сомдук дүң продукциясын жана 4727 миң сомдук өнөр жай продукциясын иштеп чыгарган. Айыл чарба продукцияларын сатуунун көлөмү 2893,9 миң сомдон, өнөр жайлык продукция—3167,7 миң сомдон ашып кетти, ал эми балансалык пайданын жалпы суммасы 1582,2 миң сомду, анын ичинен айыл чарба продукцияларын сатуудан түшкөн пайда 1007,8 өнөр жайлык продукция—542,8 миң сомду түздү. Өнөр жайлык өндүрүштө иштеген ар бир адамга иштелип чыгарылган дүң продукция 41,4 миң сомду, ал эми айыл чарба өндүрүшүндө иштегендердики 3927 сомду түздү. Кыргыз ССРинде айыл чарбасы негизинен мал чарба продукцияларын индустриялдык негизде өндүрүүгө адистештирилген. Колхоздордун, совхоздордун ички чарбалык адистештирилишинин натыйжасында мал чарбасы боюнча ири комплекстер түзүлүп, алар продукциялардын белгилүү түрлөрүн иштеп чыгарат. Акырында алар «Живпромдун» система-

сындагы мал семиртүүчү совхоздордун индустриялаштырылган базасында да уюштурулушу мүмкүн.

Биздин республикада агрардык-өнөр жайлык бирикмелердин катарына «Киргизживпром», «Киргизптицепром», «Киргизпчелопром» кирет. Бул бирикмелердин эффективдүүлүгү жогору. Бирок алар мындан ары карай продукцияларды көбөйтүү, иштелип чыгарылган продуктылардын өздүк наркын төмөндөтүү жана рентабелдүүлүктү өстүрүү боюнча зор резервдерге ээ. «Киргизживпром» бирикмеси өндүрүштүн бардык циклдарын өз кучагына албастан иш жүргүзөт, мына ошондуктан мал чарба комплекстерин уюштуруу максатка ылайык келээр эле. Алсак, өндүрүштүн бардык циклдарын өз кучагына алган 12,24 миң тубар койлук комплексти куруу анын өзүндө койду союп, терисин индустриялдык метод боюнча кайра иштөөнү камсыз кылаар эле. Бул өз иретинде Кыргызстандын бийик тоолуу мал чарба райондорунда өнөр жайдын негизин түзүп, эмгек ресурстарды пайдалануу проблемаларын, шаар менен айыл-кыштактын ортосундагы маанилүү айырмачылыктарды жоюу проблемаларын ийгиликтүү чечмек.

«Киргизптицепромдун» бирикмелерине кирген ишканалар өндүрүштүн бардык циклдарын өз кучагына алат, бул алардын артыкчылыгы болуп саналат. Бирок биз канаттууларды мындан ары өнүктүрүүдөгү, өзгөчө алардын этин иштеп чыгаруудагы бардык резервдерди толук пайдалана албай жатабыз. Канаттуулардын жумурткасын жана этин иштеп чыгарууну көбөйтүү максатында жаңы фабрикаларды куруу, эскилерин жана чарба аралык фермаларды реконструкциялоо аркылуу жер-жерлерде алардын «көп чоң эмес» ишканаларын ишке киргизүү талап кылынат, мындай иштер Украинада жана башка областтарда кеңири практикаланып жатат.

Бул областтардын чарбаларында канаттуулар фабрикасы башкы ишканалардан болуп саналат да, башка адистеги 2—3 колхоз алар менен биргелешип иш жүргүзөт, б. а. алар өздөрүнүн негизги багыты боюнча иш жүргүзүү менен багуу жана семиртүү ишин да алып барат. Бул жагынан алганда Аламүдүн районундагы Карл Маркс совхозунун иш тажрыйбасы мактоого татырлык. Бул чарбанын негизги адистиги — фабрикалык кант кызылчасын өстүрүү, эт-сүт багытындагы уйду багуу менен кошумча тармак катары — өрдөктү борго байлап семиртүү болуп саналат.

Кийинки жылдардын ичинде совхоз жыл сайын 260—300 миң баш өрдөк өстүрүп этке өткөрдү. Эки ай семирткенден кийин бул өрдөктөрдүн тирүүлөй салмагы 1,8—2 килограммга чейин жетти. Ар бир өрдөктөн совхоз бир сомдон ашык нак пайда алды. Чарбалар арасында кеңири таркатууга татыктуу болгон бул тажрыйбаны башка совхоздор да кеңири пайдаланууга тийиш. Республикадагы малды борго байлап семиртүү боюнча иштеп жаткан жана курулуп жаткан комплекстердин көпчүлүгү тоюткор базасы менен камсыз кылынбайт, колдо болгон тоюткор базасынын технологиясы өндүрүштү индустриялаштырууга ылайык келбейт. Бул гана эмес тоюткор-иштеп чыгаруунун өзү да индустриялаштырылган эмес.

Башкы республикалардын тажрыйбаларынын негизинде аралаш тоют иштеп чыгаруучу чоң заводдорду курууга өтө кеңири киришүү зарылдыгы пайда болуп олтурат, бул бардык тоюттарды кайра иштеп чыгууга жана малдын түрүнө, жашына жараша брикеттерди жана гранулдарды даярдоого мүмкүндүк түзөт. Бардык тоюткорлорду аралаш тоют чыгаруучу заводдордо жана ири өнөр жайлык тоюткор цехтеринде кайра иштетип чыгуу ошол эле айдоо аянттардын берген түшүмүнөн тоюткорлорду иштеп чыгарууну дээрлик эки эсеге көбөйтүү мүмкүнчүлүгүн түзөт. Аны менен катар тоюткорлордун сапаты, алардын протеин, витамин жана микроэлементтер менен туура балансаланышы да сакталат.

Мал чарбасын өстүрүүгө адистештирилген Кыргызстан өңдүү республикада чарба аралык кооперативдештирүүнү аралаш тоют чыгаруучу заводдор менен ири тоюткор цехтерин куруудан баштоо керек. Бул өз иретинде чарба аралык негизде жаңы мал чарба комплекстерин уюштуруу үчүн объективдүү базадан болуп саналат. Чарба аралык ишканалардын жана агрардык өнөр жайлык комплекстердин материалдык стимулдаштыруу маселелерине да зор көңүл буруу керек. Нак кирешени бөлүштүрүүнү, ошондой эле комплекстерди башкарууну жана уюштурууну өркүндөтүү зарыл.

Чарба аралык кооперативдештирилген чарбаларда жана агрардык-өнөр жайлык комплекстерде, колхоздордо жана совхоздордо эски баалар колдонууда, бул факт талапка толук жооп бербейт деген тыянакты чыгарууга негиз түзөт. Алсак, өнөр жайда жаңы продукцияны иштеп чыгарууну өздөштүргөн кезде ага жогорку баа

коюлат, бул ошол продукцияны көп чыгарууга түрткү берет. Ошондуктан айыл чарбасында да турмуш тарабынан колдоого алынган ушул методологияны колдонсо туура болоор эле. Жаңы мал чарба комплекстерди өздөштүрүү зор көлөмдөгү кошумча материалдык жана эмгек зарп кылууларды талап кылат (жабдууларды, машиналарды жөнгө салуу, кубаттуулукту өздөштүрүү ж. б.). демек кубаттуулукту өздөштүрүү мезгилинде зарп кылынган чыгымдардын ордун стимулдаштыруучу баа менен бастыруу талап кылынат.

Комплекстерди башкаруу системасын кайра куруу боюнча да зор иштер жүргүзүлүүгө тийиш. Молдавияда жана башка республикаларда комплекстерди башкаруу системасы жаңы негизде иш жүзүнө ашырылат. Башка республикалардын иштеринин тажрыйбасын эске алып, биздин республика да бул маселени чечүүгө тийиш. Чарба аралык кооперативдештирүүнү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштырууну түзүү жана өнүктүрүү — закон ченемдүү процесс. Мына ошондуктан бардык звеньялар, ушул чарба аралык жаңы комплекстер үчүн тийиштүү кадрларды даярдоо милдети турат. Бул кадрлар атайын түзүлгөн профтехникалык мектептерде, профтех-окуу жайларында, жогорку окуу жайлардын атайын факультеттеринде даярдалууга тийиш.

Чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруу — келечеги бар проблема, ал дайыма, өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнө жана өндүрүштүк мамиленин өркүндөтүлүшүнө жараша чечилүүгө тийиш.

### Чарба аралык кооперативдештирүүдөгү бөлүштүрүүчү мамилелерди өркүндөтүүнүн кээ бир проблемалары

Өнүккөн социализмдин мезгилинде айыл чарба өндүрүшүн коомдошторуунун процесси эң жаңы белгилерге ээ болуп олтурат. Социалисттик өндүргүч күчтөр менен өндүрүштүк мамилелердин өнүгүшүнүн азыркы деңгээлин мүнөздөй турган негизги өзгөчөлүктөрдүн бири чарба аралык кооперативдештирүүнү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун процесстерин өнүктүрүү жана өркүндөтүү болуп саналат.

Чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-

өнөр жайлык интеграциялаштыруу процессинин башка өнүгүп бара жаткан процесстердей эле өзүнүн проблемалары жана кыйынчылыктары бар. Жаңы ишканалардын экономикасын уюштуруунун принциптеринин жетишсиз иштелип чыгылгандыгы айыл чарбачылыгында өндүрүштү коомдоштуруу процессин артка тартып жаткан себептердин негизгилеринин бири болуп саналат. Пайда категориясы менен тигил же бул өлчөмдө байланышкан бир катар маселелер чоң кыйынчылыкты туудуруп олтурат.

Биздин экономиканын өнүгүшүнүн тарыхында пайда алуу өтө зор ролду ойноп жатат. Ал өндүрүштү кеңейтүүнүн, мамлекеттик бюджетке төлөөлөрдү ишке ашыруунун, өндүрүштө иштегендерге кошумча төлөөлөрдү ыйгаруу фондусун, социалдык маданий чаралардын жана турак жай курулуштарынын фондуларын түзүүнүн булагы болуп саналат.

Эң алды менен бул өзгөчөлүктөргө өндүрүштүк негизги курал-жабдыктарга болгон менчиктин формасы таандык. Чарба аралык кооперативдештирүүдө айрым колхоздордун менчиктери бириктирилет. Бул менчик, бир жагынан, энчинин коллективдүү формаларынын бардык өзгөчөлүктөрүн сактап калат, анткени аракет кылуучу чегин өзгөртүү менен ал бир катар топтун жана коллективдердин менчиги болуп кала берет. Экинчи жагынан, бул коллективдердин масштабы кескин түрдө өзгөрөт. Айрым чарба аралык бирикмелер өзүнө бир канча ондогон айрым чарбаларды кошуп алат. Бул айрым колхоздордогу коомдоштуруунун деңгээлине караганда коомдоштуруунун сапат жагынан жаңы деңгээли болуп саналат. Демек, менчиктин бул формасы жаңы белгилерге ээ болуу менен коомдоштуруунун жаңы чегин көрсөтөт.

Колхоздук-кооперативдик менчикти коомдоштуруу менен бирге өндүрүштүн мүнөзү да өзгөрөт. Чарба аралык кооперативдештирүүдө өндүрүш процесси өзүнүн мазмуну жагынан коомдук жалпы элдик өндүрүштүн мүнөзүнө ээ болуп, совхоздор болсо бул өндүрүшкө тең укуктуу катышуучулардан болуп калат.

Өндүрүштү коомдоштуруунун жана колхоздук-кооперативдик менчикти чыңдоонун жаңы баскычы колхоздук-кооперативдик энчи менен мамлекеттик энчини бири-бирине жакындатуунун жана бириктирүүнүн формаларынын бири болуп саналат. Бул болсо чарба аралык кооперативдештирүүнүн менчиктеринин маанилүү өзгөчөлүктөрүн мүнөздөйт. Ошентип колхоздук-коопера-

тивдик өндүрүш мамлекеттик өндүрүшкө кошулуп, жалпы элдик өндүрүштүн мүнөзүнө ээ болот.

Чарба аралык кооперативдештирүүнүн дагы бир өзгөчөлүгү — паялык акылардын болушу. Паялык акылардын көлөмү, анын көлөмүн аныктоонун принциптери — өзгөчө талдоону талап кылган өзүнчө бир маселе. Бул жерде бизди кызыктырган маселе паялык акылар менен пайданын ортосундагы өз ара катыш болуп саналат. Паялык акылар боюнча алынган пайданы бөлүштүрүү жөнүндө бир канча көз караштар бар. Иш жүзүндө чарба аралык бирикмелердин бир бөлүгү пайданы бөлүштүрүүдө паялык акыларды такыр эле эске алышпайт, башка бирикмелерде ал мамлекеттик банкадагы салымдарга теңдештирилет, башкача айтканда анын үлүшүнө 1 процент пайда туура келет.

Буга мисал Молдавияда бардык алынган пайданын 10 проценти паялык акылардын көлөмүнө жараша бөлүштүрүлөт. Анын жобосу болсо 1975-жылдын 13-январындагы Молдавия ССР Министрлер Советинин атайын токтому менен бекитилген. Биздин республикада «Киргизживпромдун» республикалык мамлекеттик-колхоздук бирикмесинин башкармасынын 1978-жыл 3-февралдагы токтому боюнча пайданын 10 проценти (чарба аралык ишканалардын фондуларын түзгөндөн кийин жана бюджетке төлөмдөрдү төлөгөндөн кийин) паялык акыга бөлүштүрүлсүн деп чечилген. Чарба аралык өндүрүштүн беш өзгөчөлүгүнө өндүрүштүн ушул тармактары менен байланыштуу айыл чарба өндүрүшүнүн бардык өзгөчөлүктөрүн кошуу зарыл. Алардын эң негизгилерине: өндүрүштүн сезондуулугу, анын натыйжасынын климаттык шарттарга али көз каранды экендиги кирет. Өсүмдүктөрдү өстүрүү циклы негизинен бир жылга, мал чарбачылыгында бул цифра үч жылга чейин созулат. Айыл чарба өндүрүшүнүн өнөр жайлык негизге өтүшүнө жараша өндүрүштүн процесстеринин натыйжаларынын климаттык шарттарга көз карандылыгы барган сайын кескин түрдө азая бере тургандыгын белгилей кетүү зарыл.

Чарба аралык кооперативдештирүүнүн иш шарттары, анын бөлүштүрүүчү мамилелери чарба аралык кооперативдештирүүнүн формаларына байланыштуу. Чарба аралык кооперативдештирүүнүн тигил же бул формалары ошол ишкананын ичиндеги мамилелердин системасына түздөн-түз таасир берет. Мисалы: мал чарбачылыкта, чарба аралык айрым ишканаларда өндүрүш катышуучу-

лары өздөрүнүн малын семиртүүчү ишканаларга сатышат, ал эми экинчи бир бирикмелерде алар малдын ээси болуп кала берүү менен малды семиртүүгө гана өткөрүп беришет. Кооперативдештирүүнүн бул эки тибинде бөлүштүрүүчү мамиле таптакыр ар башка. Өндүрүштүн зарп кылуулары малды саткан учурда гана кайтарылууга тийиш, ал эми малды семиртүүгө өткөрүп берүү башка бөлүштүрүү мамилелерин талап кылат.

Мына ушинтип биз чарба аралык өндүрүштүн негизги өзгөчөлүктөрүн карап чыктык. Бул өзгөчөлүктөр чарба аралык кооперативдештирүүдө алынган пайдаларды бөлүштүрүүнүн өзгөчөлүгүн да аныктайт. Кооперацияларда пайданы бөлүштүрүү азыркы кезде ар түрдүү жолдор боюнча иш жүзүнө ашырылат. Эгерде бөлүштүрүү формаларын системага түшүрүүгө аракет кыла турган болсок, бир канча негизги багыттардын орун алгандыгын бөлүп көрсөтүүгө болот. Эң алды менен пайдаларды бөлүштүрүүдө ар башка эки жолдун бар экендигин бөлүп көрсөтүү керек.

Биринчи багыт — бул жылдын жыйынтыгы боюнча ар түрдүү көрсөткүчтөргө жараша алынган пайдаларды бөлүштүрүү. Мындай көрсөткүчтөргө мына булар кирет: малдын өткөргөндөгү салмагы, алынган салмак, паялык акы, катышуучу чарбалар тарабынан берилген тоют, катышуунун башка түрлөрү. Бул көрсөткүчтөр чогуусу менен бир жолу, же ар кандай айкалышта да колдонулушу мүмкүн.

Экинчи багыт — чарба аралык кооперативдештирүүнүн катышуучуларынын ортосунда болуучу мамилелерде эсептешүүчү бааны колдонуу. Сөз, семиртүүчү ишканаларга жибериле турган жаш малдын, ар түрдүү тоюткорлордун жана асыл тукум малдын баасы жөнүндө жүрүп жатат. Азыркы кезде эсептешүүчү бааны негиздөөнүн ар кандай түрлөрү анын ичинде сатып алуучу баа колдонулуп жүрөт, бул баа мамлекет тарабынан инек уйлар үчүн белгиленет. Бирок мындай баалар төл өстүрүүчү чарбалардын материалдык мүдөөсүн бир канча төмөндөтүп отурат.

Эт алуунун технологиялык циклинин алгачкы стадияларында эмгекти жана акча каражатты зарп кылуу (төл алуу, аларды чоңойтуу) малды семиртүүнүн акыркы стадиясындагы зарп кылуулардан бир канча ашып кетет. Сатып алуу баалары бул жогорулатылган зарп кылууулардын ордун толук бастыра албай жатат. Бул болсо

продукцияларды даярдоонун бирдиктүү технологиялык циклинин бардык стадияларында бирдей пайда көрүү принциптерин бузуу дегендикти билдирет. Төл өстүрүүчү чарбалар менен эсептешүүдө 10—20—30 проценттүү кошумчасы бар сатып алуу баалары колдонулат, бул өз иретинде төл алуунун жана аны чоңойтуунун зор эмгек талап кыларын эсепке алат. Кошумчасы бар сатып алуу баасы чарбалар менен чарба аралык комплекстердин ортосунда экономикалык өз ара туура байланышты орнотууга чоң жардам бере тургандыгы шексиз.

Бирок, тилекке каршы, эсептешүү учурларында баа түзүүчү бардык факторлор дайым эле эске алынбайт, натыйжада продукция чыгаруунун бардык стадияларында өндүрүштүн бирдей пайда алышы камсыз кылынбайт. Аны менен катар эсептешүү баасынын механизмдери продукты даярдоонун бардык ырааттуу фазаларында зарп кылынган эмгекке жана каражатка карата алынган пайданы пропорционалдуу жана план ченемдүү бөлүштүрүүгө жардам берип, эмгекти тармактар боюнча бөлүштүрүүгө жана кооперативдештирүүгө катышуучу чарбалардын бирдей кызыкчылыгын, продукцияларды көп иштеп чыгарууну, адистештирүү менен ирилештирүүнүн процесстерин жалпылоону, илимий-техникалык прогрессти тездетүүнү камсыз кылууга тийиш.

Экономикалык илимдердин доктору Г. И. Тонконог[1] эсептешүү бааны аныктоо үчүн эки формуланы сунуш кылат. Анын биринчиси продукциялардын ошол түрүн өндүрүүнүн жалпы рентабелдүүлүгүн аныктоого мүмкүнчүлүк берет.

$$Рс = \frac{Дв}{С_1 + С_2 + С_3}$$

Рс — айыл чарбасынын тигил же бул продуктусун иштеп чыгаруунун жалпы рентабелдүүлүгү, процент;

Дв — мамлекетке сатылган продукция үчүн алынган акча, сом менен;

$С_1+С_2+С_3$ — өндүрүштүн ар бир стадиясындагы продукциялардын өздүк наркы, мисалы, төл алуудан баштап, малды семиртип этке төгүүгө чейин, сом менен.

Өндүрүштүн жалпы рентабелдүүлүгүн эске алуу менен эсептешүү баасынын көлөмү төмөнкүдөй формула боюнча аныкталат. $Пр = (С_1 + N_n)\ (С_2 + N_n) + ...$

[1] Р. И. Тонконог. Илимий-техникалык прогресс жана агрардык мамиле. М., 1976, 107-бет.

Пр — процесс аралыгында алынган продукция үчүн эсептешүү баасы.

$C_1$, $C_2$ — эт өндүрүнүн ар бир фазасындагы өндүрүштүн зарп кылуусу.

$N_n$ — пайданын нормативи. Эсептешүү баасы өндүрүштүн бардык стадиясында чарбачылык кылуунун орточо деңгээлиндеги рентабелдүүлүктүн жалпы нормасынын натыйжасында кирешелүүлүктүн болжол менен бирдей деңгээлин камсыз кылгандай кылып түзөтүлөт.

Технологиялык циклдардын бардык стадияларында өндүрүштүн бирдей пайда алышына жетишүүнү эске алуучу мындай (эсептешүүчү) баалар кооперативдештирилген чарбалардын экономикалык кызыкчылыгын рационалдуу айкалыштырууга мүмкүндүк берсе да, проблеманы акыр аягына чейин чече албайт.

Үчүнчү багытка эсептешүү баасын аралыш пайдалануучу жана көрсөткүчтөрдүн системаларынын механизмдери аркылуу кошумча бөлүштүрүүчү ишканалар кирет.

Чарба аралык өндүрүштө пайдаларды бөлүштүрүүнүн убактысы боюнча бир канча багытты ажыратууга болот: 1) бүткүл пайда сатуу баалары төл берүүчү ишканалар чарба аралык ишканаларга төлдү өткөргөн кезде эсептешүү баасы аркылуу бөлүштүрүлөт; 2) ар түрдүү көрсөткүчтөр боюнча пайданы жыл аягында бөлүштүрүү; 3) эсептешүү баасы боюнча мал өткөргөн кезде пайданын бир бөлүгүн бөлүштүрүү жана жыл аягында пайдаларды кайра бөлүштүрүү.

Чарба аралык кооперативдештирүүнүн мүчө-чарбаларынын өз ара байланышы биздин өлкөнүн көп райондорунда, ал турсун бир катар республикаларда жөнгө салынды. Бирок алар али да толук өркүндөтүлбөй жаткандыгын көрөбүз. Азырынча артта калып келе жаткан өндүрүштүк мамилени чарба аралык кооперативдештирүүнүн процесстеринин өнүгүшү жана тармактарга бөлүнүшү менен мүнөздөлүүчү айыл чарба өндүрүшүнүн ирилешинин жана адистештирилишинин азыркы кездеги деңгээлине теңөө зарылдыгы, чарба аралык кооперативдештирүүнүн катышуучуларынын өз ара байланышын терең үйрөнүүнү экономисттерден талап кылып олтурат.

Чарба аралык кооперативдештирүүнүн тажрыйбасы өсүп жатат, муну менен бирге чарба аралык өндүрүштүн мүмкүнчүлүгү жана уюштурулушу жөнүндөгү ой пикирлер да өзгөрүүдө. Кийинки кездерде практикада жана экономисттердин илимий изилдөөлөрүндө чарба аралык

кооперативдештирүүнүн катышуучуларынын өз ара мамилелеринде эсептешүүчү бааны колдонуу маселесине зор көңүл бурулуп жатат. Эсептешүүчү баанын принциби бир катар артыкчылыкка ээ.

Алардын эң негизгилеринин бири; биргелешкен өндүрүштүн ар бир катышуучусу зарп кылынган чыгымдын ордун бастырууга тийиш экендиги, аны менен катар нормативдик зарп кылуу, алынган пайда, чарба аралык өндүрүшкө ар бир чарбанын тийиштүү деңгээлде катышуусу эске алынат; төл берүүчү чарбалар чарба аралык ишканаларга мал сатууну үзгүлтүксүз жүргүзөт жана акчаны да үзгүлтүксүз алып турат, эсептешүү бааны колдонуу чарбалык эсептин колдонулуп жаткан системасына, бирдей пайда көрүү талабына жооп берет жана биргелешкен өндүрүштүн бардык катышуучуларынын материалдык кызыкчылыгына өтө туура келет; эсептешүүчү баа малды өткөрүү убагында эле биргелешкен өндүрүштүн натыйжасын абдан ачык мүнөздөйт.

Көптөгөн чарба аралык бирикмелер эсептешүү баасын колдонуунун маанисин жакшы түшүнүп, чарба аралык өндүрүштөн алган пайдаларынын өздөрүндө калуучу бөлүгүнөн башкасынын бардыгын кооперативдештирилгендердин ортосунда бөлүштүрө баштады. Экономисттердин айрым бөлүктөрү мындай бөлүштүрүүгө каршы чыгып эсептешүүчү баа боюнча пайданын бир бөлүгүн гана бөлүштүрүүгө болот деп эсептешет.

Бул жерде сан жөнүндөгү маселе биринчи орунга көтөрүлгөндөй болуп көрүнөт. Бирок эсептешүү баа боюнча пайданын бардыгын же бир бөлүгүн бөлүштүрүү маселеси өтө зор мааниге ээ.

Бардык пайданы эсептешүүчү баа аркылуу бөлүштүрүү чарба аралык ишканалар менен кооперативдештирилген башка катышуучулардын ортосундагы мамиле өндүрүштүн бирдиктүү процессинин катышуучуларынын мамилесине, башкача айтканда өз алдынча жана айрым ишканалардын ортосундагы сатып алуу жана сатуу мамилесине өтө тургандыгын билдирет. Чарба аралык өндүрүштүн катышуучулары, өздөрүнүн чыгымдарынын ордун бастырып, семиртүүгө же чоңойтууга берилүүчү малды өткөрүү кезинде өздөрүнө тиешелүү пайданы алуу менен өндүрүштүн андан аркы процессине өзүнүн кызыкчылыгын жоготуп коёт.

Ошентип биргелешкен өндүрүштүн мурунку мүчөлөрү өндүрүштү дагы кеңейтүүнүн зарылдыгына, капитал-

дык салымдардын жана башка маселелердин керектигине такыр эле кызыкпай калган учурлар орун алып жатат. Ал эми чарба аралык ишканалар чарба аралык өндүрүштүн башка мүчөлөрүнүн чыгымдарынын ордун бастырып жана аларга тиешелүү пайдаларды бөлүштүрүп, өндүрүштүн кийинки процесстеринин бирден-бир катышуучусу болуп кала берет.

Иштин чындыгына келгенде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу максатында өндүрүштү биргелешип жүргүзүүнүн жана талап кылууларды биргелешип канаттандыруу процессинде эң жакшы натыйжаларга жетишүүнүн ордуна биз мурунку эле эски ишканалар — колхоздор жана совхоздор, буган кошумча мал семиртүүчү ишканалар менен иш жүргүзүүдөбүз. Ошентип, эсептешүү баасынын механизмдери аркылуу бардык пайданы бөлүштүрүү чарба аралык өндүрүштү өнүктүрүүнүн милдеттерине жооп бере албайт.

Бул маселе боюнча Кыргыз ССРинин Пландоо Комиссиясынын жана Кыргыз ССР Айыл чарба министерствосунун айрым кызматкерлери туура эмес позицияда турушат. Алардын оюу боюнча чарба аралык кооперативдештирүүнүн максаты үлүштүк катышуунун негизинде чарба аралык ишканаларды түзүү болуп саналат. Коомдоштурулган жаңы ишканалар эсептешүүчү баа боюнча уйду семиртүүгө жана өстүрүүгө кабыл алат, ал эми бул жерде нормативдүү зарп кылуулардын бирдигине бирдей пайда алуу принцибин иш жүзүнө ашыруу керек болгондуктан, бул баа боюнча музоо-торпокторду сатуу жана сатып алуу бааларына салыштырганда бир канча жогору болуп чыккандыгы байкалат.

Демек, мал канчалык жаш болсо, анын өздүк наркы ошончолук жогорулап, биздин шартка жараша анын эсептешүү баасы да көбөйөт. Чарба аралык өндүрүшкө катышкан чарбалар малды сатып алуу баасы боюнча өткөрүшпөстөн, өтө жогорку баа менен өткөрүшөт. Алар үчүн кооперативдештирүүнүн артыкчылыгы мына ушунда. Чарба аралык кооперативдештирүүгө түшүүчү чарбанын пай акысы семиртүүчү же өстүрүүгө өткөрүлүүчү малдын нормативдүү өздүк наркынын көлөмүнө жараша нормативдүү пайданы алууга жол ачуу же пай акы дегендикти билдирет.

Коомдоштурулган өндүрүштү түзүү менен бирге чарба аралык кооперативдештирүүнүн милдеттери чечилгендиктен жана эсептешүүчү баанын негизинде чарба

аралык ишканалар менен катышуучу чарбалардын ортосунда өз ара мамиле түзүлгөндүктөн кээ бир экономисттердин ою боюнча чарба аралык өндүрүштүн мындан аркы процесстерине пай акысын төлөөчү чарбалардын катышуу зарылдыгы артык баш нерсе болуп саналат.

Мындай көз караш биздин оюбуз боюнча негизинен туура эмес. Адегенде маселенин сандык жагын карап көрөлү. Иш жүзүндө алынган пайда жана пландык-нормативдик пайда — бир-бирине окшобогон көрсөткүч. Алынган пайда дайыма эле нормативдик пайдага окшой бербейт. Ал нормативдүү пайдага салыштырганда жогору же төмөн болушу да мүмкүн. Эки учурда тең катышуучу чарбалар эсептешүүчү баа аркылуу, алаарына караганда башка көлөмдөгү пайданы алышат. Демек, пайдаларды мындай бөлүп алуу кооперативдештирүүнүн мүчөлөрүнүн материалдык кызыкчылыгын мокотот.

Эсептешүүчү бааны иштеп чыгуу боюнча комиссия иштеген кезде да, нормативден ашык пайда жөнүндө ар кандай ойлор айтылды. Айрым экономисттер нормативден ашык алынган пайда чарба аралык ишканалардын ишинин натыйжасы гана болуп саналат, ошондуктан ал ошол ишкананын өзүндө гана калууга тийиш деп эсептешет. Мындай тартипти алар, эгерде пайда алынбай калса анда алар эсептешүүчү бааны алышат деп далилдешет. Маселени ушундай чечүү туура эмес. Мында маселе адилеттүү чечилгендей көрүнгөнү менен, бул иш чарба аралык ишканалардын гана пайдасына чечилээри түшүнүктүү.

Эки жакты тең канааттандыргандай кылып чечүүгө мүмкүндүк түзүүчү да жол бар. Нормативден ашык алынган пайданы чарба аралык кооперативдештирилген ишканалардын бардык катышуучуларынын ортосунда тигил же бул көрсөткүчтөр боюнча бөлүштүрүү зарыл. Табигый кырсыктардын жана малдын ылаңынын натыйжасында пландаштырылган нормативдик пайда алынбай калса, эсептешүүчү бааны камсыз кылуу кооперативдердин бардык пайдасынын эсебинен атайын камсыз кылуучу фондуну түзүү аркылуу жүзөгө ашырылууга тийиш.

Ар бир мезгилдин акырында нормативден ашык пайданы кошумча бөлүштүрүү кооперативдештирилген ишканалардын катышуучуларынын кызыкчылыгын көтөрүүгө, ишканалардын өндүрүштүк ишин текшерүүгө жа-

на контролдоого түрткү берет. Эми чарба аралык өндүрүштүн бардык пайдасын эсептешүүчү баа аркылуу бөлүштүрүү жөнүндөгү маселени карап көрөлү. Чарба аралык кооперативдештирүүнү экономикалык жактан изилдөөдөгү өтө таралган кемчиликтердин бири, чарба аралык өндүрүштүн процессинде келип чыгуучу өтө көп кырдуу өз ара мамилелер менен өз ара байланыштарды талдоону, бул процесстин тигил же бул жагын гана изилдөө менен алмаштыруу болуп саналат.

Чарба аралык кооперативдештирүүнү өндүрүштүк процесстин жана бирикменин көз карашы жагынан гана кароо керек эмес, аны кайталап өндүрүүнүн бирдиктүү процесси катарында бардык жагын бириктирип кароо зарыл. Чарба аралык кооперативдештирүү — бул бирдиктүү менчик, өндүрүш, башкаруу, бөлүштүрүү жана керектөө. Кооперативдештирүү — бул бирдиктүү менчик, бирдиктүү өндүрүш, бөлүштүрүү жана башкаруу экендигин дайыма эстен чыгарбообуз керек. Бирок, кооперативдештирилген ишканаларда бул бирдиктүү керектөө экендигин көп учурларда унутуп коюшат.

Сөз эң алды менен өндүрүштүк керектөөнүн, анын өнүгүшүнүн бирдиктүү фондусун түзүү жөнүндө жүрүп жатат. Өнүгүүнүн бирдиктүү фондусунун тигил же бул формасы ар бир кооперативдештирилген чарбада түзүлөт. Бул маселе боюнча айрым учурларда кетирилип жаткан каталык — көп учурларда өндүрүштүн өнүгүү фондусун толугу менен чарба аралык ишканалардын эсептешүүчү счетуна гана таандык кылгандыгында болуп олтурат. Ошондуктан чарба аралык ишканаларга таандык болуучу пайданын көлөмү жөнү жок көбөйүп кетип жатат. Бул чындыгында бириккен жана чарба аралык ишканалардын фондусу катарында кала берет, демек, иштин мааниси эч бир өзгөрбөйт, бирок отчеттук маалыматтар гана өзгөрөт.

Социалдык-маданий чаралар менен турак жай курулуш фондулары жагында иштин жайы таптакыр башка экендиги байкалат. Мындагы фондулар республиканын бардык чарба аралык бирикмелеринде өзүнчө түзүлөт. Алардын айрымдары гана келишимдердин негизинде балдар бакчаларын, пионер лагерлерин биригишип курушат. Ал эми иштин мындай абалы максатка ылайык келбейт. Кайталап өндүрүүнү кадимкидей камсыз кылуу үчүн өндүргүч күчтөрдүн азыркы кездеги деңгээли белгилүү шарттарды талап кылат.

Мындай шарттарга: турак жайларды, мектепке чейинки балдар мекемелерин куруу, эс алуу үчүн шарттарды түзүү, кооперативдердин кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу үчүн мектептерди куруу ж. б. кирет. Айрым колхоздор менен совхоздордун каражаттарын коомдоштуруу жана биргелешкен фондуларды түзүү жогоруда аталган курулуштарды курууга зор мүмкүнчүлүктөрдү берет. Ал эми колхоздун же совхоздун колунан келбеген иш кооперативдештирилген чарбалардын колунан келет.

Эс алуу, билим алуу үчүн шарттарды түзүү эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууда, продукциялардын сапатын жакшыртууда зор мааниге ээ. Ал эми мындай шарттарды түзүү өндүрүштүк зарылдыктан келип чыгат да, кадрларды жакшыртууга жана биргелешкен өндүрүштүн натыйжасын жогору көтөрүүгө алып барат. Кооперативдештирилген ишканалардын бардык коллективдеринин талап кылууларын ишке ашырууда бириктирилген фонду зор мүмкүнчүлүктөрдү ачат.

Орто деңгээлдеги жана ортодон төмөнкү деңгээлдеги колхоздор менен совхоздор тигил же бул мекемелердин курулуштарын өз күчтөрү менен кура албай тургандыгы белгилүү. Ошондуктан социалдык маданий чаралар менен турак жай курулуштарынын бириктирилген фондуларында калктын бул катмарларынын турмуштук шарттарын теңдештирүү боюнча зор мүмкүнчүлүктөрдүн бар экендигин белгилей кетүүбүз керек. Демек, бул милдеттерди айрым жетекчилердин каалоосу боюнча гана чечпестен, сөзсүз иштеле турган иш катары түшүнүүбүз керек.

Өндүрүштүк зарылдыктан тышкары кооперативдештирилген чарбалардын кызматкерлеринин турмуш-тиричилик шарттарын жана эс алуусун жакшыртуунун социалдык мааниси бар. Бул маселелерди чечүү социализмдин экономикалык негизги законунун милдеттерин ишке ашырууда белгилүү салымды киргизгендикти билдирет. Ар бир бирикмеде дем алуу үйлөрүн, санаторийлерди, жасалгаланган стадиондорду ж. б. курууну көп чарбалардын жетекчилери келечектин иши, же ал өнүккөн чарбаларга гана таандык иш деп ойлошот. Чындыгында тиричиликтин, дем алуунун, билим алуунун зарыл шарттарын түзүү — убакыттын зарыл талап кылуусу болуп саналат жана чарба аралык кооперативдештирүүнүн

шарттары бул маселе боюнча зор мүмкүнчүлүктөрдү ачып берет.

Чарба аралык кооперативдештирүүнүн биргелешкен фондуларын түзүү айрым катышуучулардын жекече фондуларын жоюу дегендикти билдирбейт. Кооперативдештирүүгө катышкан чарбалар өз алдынча чарбалар катары кала берет. Чарба аралык өндүрүштүн пайдасынын 50 процентин эсептешүүчү баанын механизмдери же көрсөткүчтөрдүн системалары аркылуу кооперативдештирүүнүн бардык катышуучуларына бөлүштүрүү зарыл. Бул пайда ар бир чарбада өнүгүүнүн жана кызыктыруунун өздүк фондуларын түзүүгө, ар бир чарбанын өзүнүн талап кылууларын канааттандырууга жумшалат. Демек, бириктирилген фондулар биргелешкен талап кылууларды канааттандыруу үчүн түзүлөт.

Ошентип пайдаларды бөлүштүрүүнүн эң сонун варианты кооперативдештирүүгө катышкандардын ортосундагы өз ара мамилелерде эсептешүүчү бааны колдонуу болуп саналат. Эсептешүүчү баа боюнча малды өткөргөн убакта 50 проценттен кем эмес пайданы бөлүштүрүү да зарыл нерсе. Калган пайданы жылдын аягында төмөндөгү багыттар боюнча: өндүрүштү өнүктүрүү социалдык маданий чаралар менен турак жай курулуш, камсыздандыруу фондуларына которуу зарыл.

Которуулардын иш жүзүндөгү цифралары ар түрдүү бирикмелер боюнча ар башка болот. Ал чарба аралык бирикмелердин өндүрүшүнүн өнүгүү шарттарынын деңгээлинин ар түрдүүлүгүнө байланыштуу чарба аралык кооперативдештирүүнүн катышуучуларынын өкүлдөрүнүн чогулушунда бекитилүүгө тийиш. Демек, бул цифралар төмөнкүчө бөлүштүрүлөт: өндүрүштү өнүктүрүү фондусун түзүүгө — 12 процент, социалдык маданий чаралардын биргелешкен фондусуна — 10, камсыздандырууга — 10 процент пайда бөлүнөт. Андан кийин банканын кредиттерин төлөп, «Киргизживпромдун» фондусуна тийиштүү суммадагы пайданы берүү зарыл. Пайданын калган бөлүгүн чарба аралык өндүрүштүн бардык катышуучуларына бөлүштүрүп берүү керек. Кошумча бөлүштүрүү кооперативдештирилген ишкананын ишине, чарбалардын катышуу деңгээлине жараша жүзөгө ашырылат.

Айрым ишканалардын чарба аралык кооперативдештирүүгө кирүү шарттары ар түрдүү болушу мүмкүн. Чарбалар бир-биринен берилген малдын жана тоюткордун канча экендигине жараша айырмаланат. Бул тоюткор-

лорду иштеп чыгарууда кыйынчылыктарга дуушар болуучу райондор үчүн мүнөздүү. Андай абал биздин республикага да тиешелүү. Республиканын көптөгөн колхоздору менен совхоздору семиртүүгө ноопаздарды берүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар, ал эми бул малды камсыз кыла турган тоюткорлорду өз чарбаларынан бере алышпайт. Мына ушунун натыйжасында көптөгөн чарба аралык бирикмелерде тоюткорлорду иштеп чыгара турган адистештирилген чарбалар түзүлүүдө. Ошентип, айрым чарбалар малды көбүрөөк семиртүүгө берсе, ал эми калгандары тоюткорлорду гана бергендиктен булардын ортосундагы паялык акынын көлөмүн кантип аныктоо керек деген суроо туулат. Чарба аралык кооперативдештирүүнүн катышуучу чарбалары үчүн паялык акынын көлөмү — пландаштырылган иштин жана ар бир чарбанын нак кирешесинин пландык көлөмү аркылуу аныктала тийиш.

Чарба аралык кооперативдештирүүгө катышуучу чарбалардын өз ара мамилелери эсептешүүчү баалардын жардамы менен гана жөнгө салынышы мүмкүн. Чарба аралык кооперативдештирүүгө тоюткор бере турган чарбалар үчүн төмөндөгү көрсөткүчтөрүнө карата: паялык акынын көлөмүнө, өткөрүлүп берилген малдын жана тоюткордун көп-аздыгына ж. б. жараша пайдаларды тикелей бөлүштүрүүнүн принциби колдонулат. Аны менен бирге бул же тигил белгилер боюнча бөлүштүрүлүүчү пайданын иш жүзүндөгү көлөмү өзгөрүлүүгө тийиш. Бул ошол кооперативдештирүүнүн ичиндеги катышуунун тигил же бул түрүн стимулдаштыруу зарылдыгына байланыштуу.

Мисалы, чарба аралык кооперативдештирүүгө, катышуучу чарбаларда тоюткорлорду иштеп чыгарууга стимулдаштыруунун зарылдыгы келип чыгат. Бул учурларда берилген тоюткорлорго жараша бөлүнүүчү пайдалардын процентин мүмкүн болуучу ченемге чейин көтөрүү стимулдаштыруунун белгилүү пайдасын берет. Мисалга алсак Молдавия ССР Министрлер Советинин 1975-жылдын 13-январдагы токтомунда пайданын 10 процентин паялык акыга берүү, 40 процентин — берилген тоюткорлорго жараша берүү, 50 процентин малдын санына жараша берүү чечилген. Биздин республикада «Киргизживпромдун» республикалык мамлекеттик-колхоздук бирикмесинин башкармасынын 1978-жылдын 3-февралындагы токтомунда чарба аралык ишканалардын фон-

дуларын түзгөндөн кийин пайданын 10 процентин паялык акыга, 60 процентин — өткөрүлүп берилген малдын санына, 30 процентин берилген тоюткорлорго жараша берүү чечилген. Ал эми ушундай бөлүштүрүү каралганда да пайда бүт бойдон бөлүштүрүлүүгө тийиш эмес. Анткени пайданын бир бөлүгү мамлекеттик кредит үчүн процентти төлөөгө жана биргелешкен фондуларды түзүүгө жумшалууга тийиш.

Ошентип, агрардык-өнөр жайлык интеграция — чарба аралык кооперативдештирүүдөгү жаңы этап, биздин республиканын шарттарында да күч алып бара жатат. Чарба аралык кооперативдештирүү жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруу өндүрүштү коомдоштуруунун мындан аркы процессинде колхоздук-кооперативдик менчикти мамлекеттик менчик менен жакындаштыруу жана бириктирүү процессинде маанилүү ролду ойномок.

Чарба аралык кооперативдештирүүнүн өнүгүү процессиндеги мүмкүн болуучу экинчи жол — тармак аралык кооперативдештирүүнүн негизинде өз алдынча ишканаларды түзүү болуп саналат. Чарба аралык өндүрүштүн өнүгүшү менен катар айрым чарба аралык ишканалар өзүнүн кубаттуулугун күчөтүп, тоюткор базасын өнүктүрүп музоолорду кабыл алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Бул процесс менен бирге паялык акынын ордун бастыруучу башка бир процесс да өнүгө баштайт. Бул учурда чарба аралык ишкана өз каалоосу боюнча бөлүнүүгө жана өз алдынча ишканага айланууга мүмкүндүк алат.

## МАЗМУНУ

1. Кириш сөз . . . . . . . . . . . . . . . . 3

2. Чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун пайда болушунун жана өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүгү . . . . . . . . 7

3. Чарба аралык кооперативдештирүүнүн жана агрардык-өнөр жайлык интеграциялаштыруунун социалдык-экономикалык проблемалары . . . . . . . . . . 34

**Орузбаев Асангалий**

КАК ФОРМИРУЕТСЯ АГРАРНО-ПРОМЫШЛЕННАЯ ИНТЕГРАЦИЯ

(На киргизском языке)

Редактор К. Сагынбаев
Худ. редактор Н. Таранов
Тех. редактор К. Бурганакова
Корректор Т. Жолдошев

Фрунзе, издательство «Кыргызстан»

ИБ № 726

Терүүгө 12.02.1979-ж. берилди. Басууга 15.05.1979-ж. кол коюлду. Д—07807. Кагазы типографская № 3. Адабий ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84x108 1/32. 1,75 физ. басма табак, 2,94 шарттуу басма табак, 2,944 учеттук табак. Тиражы 2000. Заказ № 508. Баасы 10 т.

«Кыргызстан» басмасы, 1979
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси, Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети.
720616, ГСП, Фрунзе шаары, Караганды көчөсү, 72.

10 т.